# ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК МИССИЯ
**Кыргыз Республикасы – Мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоо, 2025-жылдын 30-ноябры**

## АЛДЫН АЛА КОРУТУНДУЛАР ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ

## АЛДЫН АЛА ЖЫЙЫНТЫКТАР

30-ноябрдагы мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоо натыйжалуу өткөрүлдү, бирок үгүт чөйрөсүндөгү чектөөлөр талапкерлер менен шайлоочулардын катышуусун чектеди. Сөз эркиндиги, уюмга биригүү жана тынч жыйындарды өткөрүү сыяктуу негизги эркиндиктер Конституция менен корголгонуна карабастан, иш жүзүндө жаңы чектөөчү мыйзамдар жана алардын аткарылышынын натыйжасында барган сайын чектелүүдө. Мыйзамдык базага киргизилген соңку принципиалдуу өзгөртүүлөр жаңы мажоритардык шайлоо системасын жана жаңы шайлоо округдарын аныктоону, ошондой эле талапкерлердин шайлоо укугуна кошумча чектөөлөрдү киргизди, натыйжада саясий партиялардын катышуусу бир топ кыскарды. Алгылыктуу жагы, жаңы система 30 мандатты, ар бир округга бирден, ал аз көрсөтүлгөн жыныстагы талапкерлер үчүн сактаганы жана талапкерлердин 41 пайызы аялдар болгону. Шайлоо администрациясынын техникалык мүмкүнчүлүктөрү ишенич жаратты, ал чечимдерди кабыл алуунун айкындуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрдү, бирок процесстин башка негизги аспектилери боюнча, атап айтканда, добуш берүүнүн жаңы технологиялары, үгүт өнөктүгүн каржылоо жана анын шайлоого байланыштуу чечимдери боюнча ачык-айкындуулук жетишсиз болгон. Жалпы улуттук аралыктан добуш берүүнүн жаңы варианты шайлоочулардын катышуусуна көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берди. Кээ бир райондордо атаандаштык үгүт иштери жүрүп жатканына карабастан, талапкерлердин ортосундагы олуттуу каржылык диспропорция алардын бирдей шартта атаандашуу жөндөмүнө таасирин тийгизген. Добуштарды сатып алуу боюнча көптөгөн айыптоолор өнөктүк учурунда угулуп жатты. Жалпыга маалымдоо каражаттары бирдей чагылдыруу талаптарын катуу чечмелөө жана мазмун үчүн жоопкерчиликти жүйөө келтирип, шайлоочулардын маалыматка негизденип тандоо мүмкүнчүлүгүн чектеп, талапкерлерди жаңылыктарда же редакциялык программаларда чагылдыруудан карманышты. Каржылоо боюнча чектөөлөр жана жарандык коом уюмдарына таасирин тийгизген акыркы мыйзамдык түзөтүүлөр коомдук турмушка катышууну жана шайлоого байкоо жүргүзүүнү олуттуу чектеди. Добуш берүү күнүнө жалпысынан оң баа берилди, добуш берүүнүн жаңы технологиялары ишенимдүү иштеп, добуш берүүнүн жол-жоболору негизинен сакталды, бирок добуштарды эсептөө жана жыйынтык чыгаруу жол-жоболорун сактоо боюнча кеңири жайылган көйгөйлөр байкалды.

Шайлоо олуттуу түрдө жаңыланган, шайлоо өткөрүү үчүн техникалык негизди түзгөнү менен, демократиялык шайлоонун бир нече эл аралык стандарттарына туура келбеген мыйзамдардын алкагында жана буга чейинки ДИАУБ менен Европа Кеңешинин Венеция Комиссиясынын сунуштарынын дээрлик баарына көңүл бурбоо менен өттү. Мыйзамга 2025-жылы киргизилген өзгөртүүлөр, *башкаларын айтпаганда*, шайлоо округдарынын чектерин жаңыдан аныктоо менен жаңы мажоритардык шайлоо системасын киргизди жана талапкерликти көрсөтүүгө талаптарды өзгөрттү. Мыйзамга түзөтүүлөрдү киргизүү менен мөөнөтүнөн мурда шайлоолордун ортосундагы убакыттын кыскалыгы маңыздуу коомдук талкуулоо мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, мыйзам чыгаруу процессинин инклюзивдүүлүгүнө байланыштуу кооптонууларды жаратып, айрым жоболордун ишке ашырылышына тоскоол болуп, шайлоо мыйзамдарынын туруктуулугуна доо кетирди, бул эл аралык стандарттарга жана жакшы тажрыйбага карама-каршы келет.

90 депутаттан турган парламент жаңы мажоритардык бирдиктүү өткөрүп берилбөөчү добуш берүү (БӨДБ) системасы боюнча үч мандаттуу 30 округ боюнча беш жылдык мөөнөткө шайланат. Шайлоо мыйзамына ылайык, бир саясий партия ар бир шайлоо округунда болгону бирден талапкерди көрсөтө алгандыктан, расмий түрдө 90 орундун 30дан ашыгын ээлей албайт. Шайлоо округдарынын чектерин аныктоонун жаңы эрежелери жана алардын ишке ашырылышы, чектерди аныктоого жоопту уюмдун түзүлүшүнө, шайлоочулардын орточо санынан мүмкүн болгон четтөөгө жана улуттук азчылыктардын кызыкчылыктарын эске алуучу мыйзамдык талаптардын жетишсиздигине байланыштуу эл аралык мыкты тажрыйбаларга жооп бербейт.

Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы (БШК) мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүү үчүн техникалык даярдыктарды натыйжалуу башкарып, тездетилген мөөнөттө өткөрдү жана чечим кабыл алуу процессинин ачык-айкындуулугун жакшыртты, бирок төмөнкү турган шайлоо комиссияларынын иши анчалык ачык-айкын болгон жок. БШКнын чечимдери жана жоболору кээде кеч жарыяланып жатты, бул, шайлоо күнү добуштарды саноо жана таблицага киргизүү процедураларын эске алганда, укуктук аныктуулукту азайтып, төмөнкү турган комиссиялар үчүн окутууларга жана ал процедураларды туруктуу жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүктөрүнө терс таасирин тийгизген. БШК айрым учурларда округдук шайлоо комиссияларына (ОШК), өзгөчө ОШК мүчөлөрү такай отурумдарга чогулууда кыйынчылык көргөн ири округдарда, кеңири колдоо көрсөттү. Шайлоочуларга маалымат таратуу кампаниялары кеңири жүргүзүлгөн, бирок улуттук азчылыктардын тилдеринде жеткиликтүү болгон эмес. Көпчүлүк кызыкдар тараптар шайлоо администрациясынын шайлоолорду жүргүзүү боюнча техникалык мүмкүнчүлүгүнө ишеним көрсөтүшкөн.

Бардык шайлоо участкаларында шайлоочулардын биометрикалык идентификациясы жана алдын ала жыйынтыктарды түзүү жана өткөрүү үчүн электрондук жабдуулар колдонулду. БШК жаңы жабдууларды колдонууга шайлоо кызматкерлерин окутуулар жана практикалык көнүгүүлөр аркылуу жетиштүү деңгээлде даярдады жана электр энергиясы менен байланыш көйгөйлөрүн чечүүгө аракет кылды. Шайлоочулар да имитациялык тесттерге катышууга мүмкүнчүлүк алышты жана жабдууларды колдоно алуусуна жалпысынан ишеним байкалды. Бирок, бул аракеттерге карабай, мамлекеттик сатып алуулар процесси тиешелүү түрдө өтпөгөндүктөн, көзкарандысыз текшерүүнүн же сертификациялоонун жоктугунан жана аудит боюнча жалпыга жеткиликтүү маалыматтын болбогондугунан улам технологиянын кынтыксыздыгына болгон ишенимге шек келтирилди. Шайлоочулар биринчи жолу өздөрүнүн катталган шайлоо округунан тышкары каалаган шайлоо участогунда аралыктан добуш берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Шайлоочулардын акыркы тизмеси 23- ноябрда жарыяланып 4294243 добуш берүүчүнү камтыган, алардын болжол менен 52 пайызы - аялдар. Шайлоочуларга тизмелерди текшерүүгө жетиштүү мүмкүнчүлүк берилип, реестрдин тактыгы жана толуктугуна кызыкдар тараптардын ишеними жогору болду. ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын бир топ убакыт мурда берилген сунушуна жана эл аралык стандарттарга карабай, сот тарабынан укуктук жактан жөндөмсүз деп табылган адамдар добуш берүү укугунан ажыратылган.

БШК талапкерлерди каттоо процессин ачык жана натыйжалуу жүргүзүп, 465 талапкерди каттады, алардын 189 аялдар (41 пайыз) жана 10у өзүн улуттук азчылыктын өкүлдөрү катары тааныштыргандар (2 пайыз) болду. Талапкерлердин көпчүлүгү өзүн-өзү көрсөтүшкөн; бир гана саясий партия талапкерлерди көрсөткөн, бул жаңы шайлоо системасы саясий партиялардын катышуусуна кандай таасир этээрин көрсөтүп турат. Шайлоодо талапкер болуу укугуна коюлган укуктук шарттар ашыкча чектелген жана эл аралык стандарттарга, мурунку ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын сунуштарына каршы келет. Талапкерлерге коюлган шарттарга жооп бербегендиктен же кайтарылбай турган шайлоо төлөмүн төлөбөгөндүктөн же мамлекетке таандык эки банктын биринде атайын эсеп ачпай калгандыктан жалпысы 57 талапкер четтетилди, бул саясий катышууну кеңейтүүгө тоскоолдук болду.

Өнөктүк мөөнөтү 10-ноябрдан 29-ноябрга чейин гана болуп, талапкерлердин шайлоочуларга жетүү мүмкүнчүлүктөрүн азайткан, мындан тышкары дебаттар үчүн жайлардын жетишсиздиги жана катуу өнөктүк эрежелери менен алардын ишке ашырылышы дагы көбүрөөк талапкерлерди чектеген. Өнөктүк жалпысынан тынч өтүп, шайлоочулардын катышуусу аз болду; бул саясий иш-аракеттер үчүн өч алуудан коркуу менен байланышкан. Мындай чөйрөгө карабастан, көпчүлүк аймактарда өнөктүк атаандаштык менен өткөнү байкалган. Мыйзамдарда бардык талапкерлер үчүн бирдей өнөктүк мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу жана жарандарга өнөктүккө катышуу укугун берүү каралган. Бирок талапкерлердин ортосундагы каржылык айырмачылыктар чоң болуп, алардын бирдей шартта таймашуу мүмкүнчүлүгүнө таасир эткен. Добуш сатып алуу боюнча көптөгөн айыптоолор өнөктүктүн бардык мезгилинде байкалган жана тогуз иш расмий түрдө ачылган. Шайлоодон бир апта мурун массалык баш аламандыкты уюштурууга аракет кылган деген айып менен бир нече белгилүү саясатчы камакка алынган.

Саясий турмушта аялдар жетиштүү деңгээлде өкүлчүлүккө ээ эмес, ДИАУБ ШБМ менен маектешкен адамдар муну тамырлашкан патриархалдык стереотиптерге, каржылык тоскоолдуктарга, социалдык стигмага, көтөрүмсүз риторикага жана катышууну жогорулатуу үчүн кошумча чаралардын жетишсиздигине байланыштырышат. Жаңы шайлоо системасы 30 мандатты, ар бир округда бирден, аз көрсөтүлгөн жыныстагы талапкерлерге ыйгарылышын карайт жана талапкерлердин 41 пайызы аялдар болду.

Шайлоо өнөктүгүн каржылоого байланыштуу мыйзам ченемдери өнөктүк учурунда каржылык жөнгө салуу үчүн жетишерлик негизди камсыздайт. Бирок, талапкерлер чыгым чегинен аз гана ашып кеткендиги үчүн каттоодон чыгарылышы мүмкүн экени пропорционалдуу эмес чара. Кызматкерлердин аздыгы, техникалык кыйынчылыктар, аудитти жетишсиз жөнгө салуу жана чыныгы чыгымдарды иликтөө мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу өнөктүктү каржылоону көзөмөлдөөнү натыйжасыз кылат. Каржылоо маалыматы өнөктүк учурунда БШК тарабынан такай жарыяланып турду жана ал негизинен өнөктүк талапкерлердин өз каражаттарына жана жеке демөөрчүлөргө таянып өткөрүлүп жатканын көрсөттү. Аралык отчеттор техникалык көйгөйлөргө байланыштуу жарыяланган жок, бул ачыктыкты жана маалыматтын шайлоочуларга жеткиликтүүлүгүн чектеди. Өнөктүктү каржылоо эрежелерин бузууларга каршы жалпы укуктук негиз жана андай бузуулар боюнча иликтөө өткөрүү же өткөрбөөнү чечүү укугу БШКга таандык болушу укуктук негизди ишке ашыруунун айкындыгын жана пропорциялуулугун чектейт.

Конституцияда сөз эркиндиги кепилденсе да, бул эркиндикти чектөө үчүн ашыкча кең жана бүдөмүк негиздердин да болушу, журналисттерге каршы кылмыш иштери көбөйгөнү менен айкалышып, кеңири таралган өзүн-өзү цензуралоого алып келди. ЖМКларды каттоо, чет элдик менчикти чектөө жана медиа уюмдарын каттоодон чыгаруу үчүн кеңири негиз берүүчү жаңы мыйзамдар жана жакында коомдук телерадио компаниясынын улуттук менчикке өткөрүлүшү медиа плюрализмге терс таасир этти. Үгүт иштеринде мыйзам бузуу боюнча чектелген кабарлардан башка талапкерлер жаңылык жана актуалдуу программаларда чагылдырган жок. Бир жагынан бул талапкерлерди жамандаган же кадырын кетирген контентти көрсөтүү үчүн ЖМКлардын жоопкерчилигинен жана БШК бирдей чагылдыруу дегенге тар түшүндүрмөнү колдонгондуктан болду. Мамлекеттик телеканалдар мыйзамга ылайык акысыз эфир убактысын берсе да, бардык телеканалдардагы жаңылыктар дээрлик толугу менен шайлоо процессинин техникалык аспектилерине жана бийликтин иш-аракеттерине арналганы шайлоочулардын маалыматка негизденип шайлоо мүмкүнчүлүгүн чектеген. Мурунку ДИАУБ сунуштарына карабай, талапкерлер тууралуу акы төлөнгөн үгүт материалдары да жаңылыктарга камтылып берилип жатты.

Шайлоо талаш-тартыштарын соттук кароо жана тездетилген тартип мыйзамда каралган. Бирок, акыркы өзгөртүүлөр бул чаранын саясий партиялар үчүн шайлоо жыйынтыгына наразылык билдирүү учурунда жеткиликтүүлүгүн чектеген, ал эми мөөнөтүнөн эрте шайлоо шартында

арыздарды тапшырууга жана кароого убакыт жетиштүү эмес. Талаш-тартыштар боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын отурумдары ачыктыкты камсыз кылып, тараптарга өз аргументтерин айтууга мүмкүнчүлүк берсе да, ишти жабык эшик артында кароо көп болгондуктан, процессуалдык кепилдиктер азайган. БШК 142 даттануу жана бузуу тууралуу билдирүүлөрдү кабыл алды, алардын көбү талапкерлердин, шайлоочулардын жана ЖМКлардын шайлоо өнөктүгүндөгү мыйзам бузууларына байланыштуу болду; БШК 102 арыз боюнча чечим чыгарды, 48 учурда административдик айып пул салды. Шайлоого байланыштуу сот чечимдеринин көбү жана БШКнын кээ бир чечимдери кечигип жарыяланган, бул ачык-айкындуулукту чектеди. ДИАУБ ШБМ миссиясына жеткиликтүү болгон чечимдерде аргументтер жана бүтүмдөрдө негиздүүлүк жетишпеген, андан тышкары БШКнын чечимдеринде даттануу жолдору көрсөтүлгөн эмес.

Жарандык жана эл аралык байкоочулардын шайлоолордо болушу мыйзамда каралган. Каржылоодогу чектөөлөр менен байкоону саясий иш катары аныктаган, демек чет өлкөлүк каржылоосу бар жарандык коом уюмдары «чет элдик өкүлдөр» катары каттоого турушун талап кылган акыркы өзгөртүүлөр, жарандык коомдун коомдук жашоого катышуу мүмкүнчүлүгүн кыйла төмөндөтүп койду. Кээ бир ДИАУБ ШБМ маектештери шайлоого байкоо иштерине катышкан жарандык коом уюмдарынын арасында өч алуудан коркуу бар экенин дагы белгилешти. Талапкерлер шайлоо комиссияларына байкоочуларды жөнөтө алышат, бирок чектелген ресурстар алардын көпчүлүгү үчүн бул мүмкүнчүлүктү негизинен жеткиликсиз кылган. БШК 788 эл аралык байкоочу жана ар бири 1 байкоочунудан дайындаган болгону 2 коомдук уюмду аккредитациялаган.

## АЛДЫН АЛА КОРУТУНДУЛАР

### Түзүлгөн абал

Президент Садыр Жапаров 30- сентябрда, парламент өзүн-өзү 25- сентябрда тараткандан кийин, мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоо 30- ноябрда өтөөрүн жарыялаган.[1] Парламенттин өзүн-өзү таратуу демилгесин бийликтер жаңы шайлоо системасынын алкагында кезектеги парламенттик жана президенттик шайлоолорду удаа өткөрүүнүн административдик жана социалдык жүгүн азайтуу аракети катары сыпаттады.[2] Көпчүлүк бул шайлоону президенттик ыйгарым укуктарды консолидациялоодогу дагы бир кадам катары кабылдады.[3]

Учурдагы чакырылыштагы парламент 2021- жылдын ноябрында, 2020- жылдын октябрындагы шайлоонун жыйынтыктары ири масштабдуу жана зордук-зомбулук менен коштолгон коомдук наразычылык акцияларынын натыйжасында жокко чыгарылгандан кийин, шайланган.[4] Учурдагы чакырылыштагы парламенттеги 90 депутаттын 20сы жана 23 министрдин бири – аялдар, ал эми Президенттин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жетөө тең эркектер. Маектештер ДИАУБ ШБМга аялдардын саясатта аз көрсөтүлүшү сиңип калган патриархалдык стереотиптерден, каржылык тоскоолдуктардан, социалдык стигмадан жана көтөрүмсүз сөздөрдөн, ошондой эле эл аралык стандарттарга ылайык талап кылынган көбүрөөк катышууга

[1] Парламентти өзүн-өзү таратуу сунушун 32 депутат демилгелеп, ал 84 добуш менен кабыл алынган. Конституцияга жана *«Жогорку Кеңештин* Регламенти жөнүндө» мыйзамга ылайык, мындай сунуш бардык депутаттардын (90) үчтөн биринин (30) добушу менен демилгелениши мүмкүн жана жалпы депутаттардын үчтөн экисинен (60) кем эмесинин колдоосун талап кылат.

[2] Президент менен парламент төрагасынын билдирүүлөрүн караңыз.

[3] 2024- жылдын августунда Президент Жапаров “Бийлик вертикали күчтүү жана катаал болушу керек” деп белгилеп, парламентке “маанилүү чечимдерибизди, ири долбоорлорду, реформаларды, мыйзам чыгаруу демилгелерибизди кечиктирбестен жана куру сөзү жок […] колдоп жаткандыгы үчүн” ыраазычылык билдирди.

[4] *“Ата-Журт* Кыргызстан” 15 мандат алган; *Ишеним* –12 мандат; *Ынтымак* –9 мандат; Альянс – 7 мандат; *“Бүтүн* Кыргызстан” – 6 мандат; *Ыйман Нуру* – 5 мандат. Парламенттин 36 депутаты саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн эмес.

түрткү берүүчү дараметти чыңдоо чараларынын жетишсиздигинен келип чыккандыгын маалымдашты.[5]

2021- жылдагы референдумдан кийинки мезгилдеги президенттик башкаруу системасын кайра киргизүү бийлик бутактарынын тең салмактуулугунун өзгөрүшү менен мүнөздөлгөн. Борбордук башкаруу модели мамлекеттик институттарды реструктуризациялоо жана алардын функцияларын кайра бөлүштүрүү, анын ичинде сот системасын, коррупцияга каршы күрөшкө жана мамлекеттик коопсуздукка байланышкан органдарынын ыйгарым укуктарын күчөтүү аркылуу, ишке ашырылды, бул президентке саясий турмушта үстөмдүк кылуучу ролду берди.[6] Мунун натыйжасында, саясий абал майдалануу жана саясий партиялардын таасиринин байкаларлык алсыроосу менен чоң өзгөрүүлөргө дуушар болду.

Жаңы мыйзамдар өз пикирин билдирүү, уюмга биригүү жана тынч жыйындарды өткөрүү сыяктуу конституция менен корголгон эркиндиктерге чектөөлөрдү киргизди. Бул чектөөлөр жана аларды ишке ашыруу ыкмалары, ошондой эле соңку күндөрдө активисттердин, журналисттердин жана саясатчылардын куугунтукталышы жана камакка алынышы эл аралык укук коргоо уюмдары тарабынан сынга алынды.[7]

## Укуктук негиз жана шайлоо системасы

Шайлоо олуттуу түрдө жаңыланган, шайлоо өткөрүү үчүн техникалык негизди түзгөнү менен, демократиялык шайлоонун бир нече эл аралык стандарттарына туура келбеген мыйзамдардын алкагында өттү. Шайлоо процессинин айрым аспектилери эл аралык алдыңкы практикага карама-каршы келип, ага укуктук тактыкты жана алдын ала божомолдоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган комплекстүү жана өз убагында жөнгө салуучу көмөкчү укуктук актылардын жетишпегени байкалды.[8]

---

5 Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу боюнча конвенциянын (CEDAW) 4-беренеси жана № 25 Башкы рекомендация саясий жана коомдук турмушка бирдей катышууга көмөктөшүүчү практикалык кадамдар менен колдоого алынуучу убактылуу атайын чаралардын зарылдыгын белгилейт; ошондой эле CEDAW № 23 Башкы рекомендациясын ; CEDAW № 40 Башкы рекомендациясын караңыз; ошондой эле Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар (ESCR) боюнча 2024- жылкы Корутунду байкоосун жана CEDAW 2021- жылкы Корутунду байкоосун караңыз.

6 Жапаров мырза 2021-жылдын январь айында президенттик башкаруу системасын киргизген референдум менен бир убакта өткөн президенттик шайлоодо шайланган. 2021-жылдын апрелинде референдумдун жыйынтыгында кабыл алынган Конституция президенттин ыйгарым укуктарын күчөтүп, жалпысынан анын администрациясынын ролун жогорулаткан.

7 Кыргызстандагы сөз эркиндигинин абалы, анын ичинде жарандык коом жана көз карандысыз маалымат каражаттары үчүн мейкиндиктин тарышы боюнча БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку Комиссарлыгынын Башкармалыгынын билдирүүлөрүн караңыз. Ошондой эле Хьюман Райтс Уотч, Адам укуктары боюнча эл аралык өнөктөштүк, Хьюман Райтс Дефендер уюмдарынын баяндамаларын жана Амнести Интернэшналдын Билдирүүсүн караңыз. ДИАУБ директорунун жана ЕККУнун басма сөз эркиндиги боюнча өкүлүнүн билдирүүсүндө, БУУ АУЖКБ жарандык коомдун ишине коркунуч келтирген жана негизги укуктарды бузган «чет элдик өкүл» мыйзамын жокко чыгарууга чакырган.

8 Аларга аралыктан добуш берүүнүн жол-жоболору, талапкерлердин шайлоо укугуна карата талаптар, округдук шайлоо комиссияларын (ОШК) дайындоо, шайлоо материалдарын жана жыйынтыктарын чыгаруу, шайлоо өнөктүгүндө акысыз эфирдик убактысын бөлүштүрүү, өзгөчө салттуу массалык маалымат каражаттарынын онлайн версияларына карата шайлоо күнгө тиешелүү процедуралары боюнча көмөкчү жоболордун жоктугу же кеч кабыл алынышы кирет. Мыйзамга тил билүү талабы боюнча түзөтүүнүн киргизилиши менен шайлоонун ортосундагы кыска аралык кошумча мыйзамдарды жана стандарттарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берген жок, бул 30-ноябрга белгиленген мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоодо аны ишке ашыруудан баш тартуу чечимине алып келди. Венеция комиссиясынын 2016- жылкы Мыйзам үстөмдүгүн текшерүү тизмесинин II.2-пункту мыйзамда талап кылынган учурда ченемдик укуктук актыларды кечиктирбестен кабыл алууну талап кылат, ал эми B3 бөлүмдүн 58-пунктунда "мүмкүнчүлүккө жараша, мыйзам ишке ашырылганга чейин алдында жарыяланышы керек жана анын кесепеттери алдын ала болжолдонууга тийиш; ошондой эле юридикалык субъектилерге өзүнүн иштерин ага ылайык жөнгө салууга мүмкүндүк берүү үчүн жетиштүү тактык жана айкындык менен жеткирилиши керек".

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык мыйзамга (Шайлоо жөнүндө мыйзам) 2025- жылда жети жолу, акыркы жолу октябрь айында, түзөтүүлөр киргизилип, шайлоо алкактарынын көпчүлүк аспектилери өзгөртүлгөнү менен, ДИАУБ менен Венеция Комиссиясынын мурунку сунуштарынын дээрлик баары эске алынган жок жана Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын Демократия үчүн Өнөктөш макамы менен чогуу алынган милдеттемелер аткарылбады. *Мисалы*, түзөтүүлөргө ылайык жаңы гендердик квота жана шайлоо округдарынын чектери аныкталды, талапкерлердин укуктарын андан ары чектеген шарттар кошулду, талапкерлерди каттоо үчүн кайтарымсыз жыйым киргизилди, үгүт өнөктүгүн каржылоо жана жүргүзүүнүн жоболору өзгөртүлүп, кошумча шайлоолор жокко чыгарылды.

2025- жылдагы Шайлоо мыйзамына түзөтүүлөрдүн долбоору боюнча өзүнүн укуктук корутундусунда ДИАУБ ал түзөтүүлөрдүн кыска убакыт ичинде кабыл алынганы коомчулук менен маңыздуу консультацияларды өткөрүү мүмкүнчүлүктөрүн чектегенин жана мыйзам чыгаруу процессинин инклюзивдүүлүгү тууралуу тынчсыздануну жаратканын белгилеген.[9] Шайлоонун мыйзамдык базасы түп-тамырынан бери өзгөртүлгөндөн кийин көп өтпөй шайлоо өткөрүү эл аралык алдыңкы тажрыйбага карама-каршы келип, жана шайлоонун укуктук ишенимдүүлүгүнө жана туруктуулугуна доо кетирди.[10]

90 депутаттан турган парламент жаңы мажоритардык бирдиктүү өткөрүп берилбөөчү добуш берүү (БӨБД) системасы боюнча үч мандаттуу 30 округ боюнча беш жылдык мөөнөткө шайланат. ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери БӨБД системасы саясий партияларды алсыратып, жергиликтүү бири-бирин колдоо түйүндөрүнүн пайда болушуна алып келиши жана ырааттуу улуттук саясий күн тартибин иштеп чыгууга тоскоолдук кылышы мүмкүн деген ойлорун билдиришкен. Шайлоочулар бир гана талапкерге же баарына каршы добуш бере алышат. Эң көп добуш алган үч талапкер шайланат, алардын бири азыраак көрсөтүлгөн жыныстан болушу керек.

Азыраак көрсөтүлгөн жыныстагы талапкерлер үчүн сакталган 30 мандатты бийлик «аялдардын квотасы» катары түшүндүрөт. [11] Саясий катышууну күчөтүү боюнча чаралар мактоого татырлык болсо да, ДИАУБ ШБМдин көптөгөн маектештери квота системасы аял парламентарийлердин легитимдүүлүгүнө шек келтириши мүмкүн деген кооптонуусун билдиришти. Мыйзамда аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн жана саясаттагы өкүлчүлүгүн жогорулатуу үчүн башка чаралар, мисалы, дараметти чыңдоочу тренингдер менен каржылык субсидиялар, каралбаганы эл аралык стандарттарга жана милдеттенмелерге карама-каршы келет.[12]

---

9 "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" конституциялык Мыйзамдын долбоору боюнча ДИАУБдун укуктук корутундусунун 21-пунктун жана 19-25-пункттарын караңыз. 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 5.8-пунктунда "алардын колдонулушунун шарты болгон коомдук процедуранын аягында мыйзамдар кабыл алынат […]" деп айтылат. Караңыз: ДИАУБ 2024-ж. Жакшыраак мыйзамдар үчүн Демократиялык мыйзам чыгаруу боюнча колдонмолорун, параграф 23; 2016-жылдагы Венеция комиссиясынын Мыйзам үстөмдүгүн текшерүү тизмесинин 60-пунктун караңыз.

10 2002-жылкы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча жакшы тажрыйбалар кодексинин II.2.b пунктунда "Шайлоо мыйзамдарынын негизги элементтери, атап айтканда, шайлоо системасы, шайлоо комиссияларынын курамы жана шайлоо округдарынын чектеринин белгилениши шайлоого чейин бир жыл калганда өзгөртүлбөшү керек" деп айтылат.

11 Эгерде талап кылынган жыныстагы жеңүүчү жок болсо, үчүнчү орунду ээлеген талапкердин мандаты ошол округ боюнча эң көп добуш алган карама-каршы жыныстагы талапкерге ыйгарылат.

12 CEDAW 4-беренеси жана №25 Жалпы рекомендациясы саясий жана коомдук турмушка бирдей катышууга көмөктөшүүчү практикалык кадамдар менен колдоо көрсөтүү үчүн убактылуу атайын чаралардын, анын ичинде шайлоо квотанын зарылдыгын белгилейт. Ошондой эле CEDAW № 23 Саясий жана коомдук жашоо боюнча Башкы рекомендациясын; Чечим кабыл алуу системаларында аялдардын бирдей жана инклюзивдүү өкүлчүлүгү жөнүндө CEDAW № 40 Башкы рекомендациясын караңыз.

Мыйзам боюнча БШК шайлоо округдарынын чектерин ар бир парламенттик шайлоонун алдында белгилейт; эл аралык алдыңкы тажрыйбага ылайык келбейт, анткени сунуштарга таянганда ал чектер бейтарап жана инклюзивдүү адистештирилген комитет тарабынан аныкталышы керек.[13] Мыйзам шайлоо округдарынын жанаша болушун талап кылат жана административдик чек араларды сактоону сунуштайт.[14] Округдарда шайлоочулардын саны болжол менен бирдей болушу керек, мында улуттук орточо көрсөткүчтөн 20 пайызга чейинки четтөөгө жол берилет, бул эл аралык жакшы практика сунуш кылган босогодон жогору.[15] БШК 2025-жылдын 1-октябрында мыйзамдуу мөөнөттө 30 жаңы шайлоо округунун чектерин аныктады. Жаңы шайлоо округдарындагы шайлоочулардын саны бири-биринен олуттуу айырмаланат.[16] Мыйзам шайлоо округдарынын улуттук курамын кароону талап кылбайт жана аны ишке ашыруу географиялык жактан топтолгон жамааттардын жасалма бөлүнүшүн жаратты, бул улуттук азчылыктардын өкүлдөрү болгон талапкерлердин өз жамааттарынын электоратын мобилизациялоо мүмкүнчүлүгүнө тоскоол болду.[17]

## Шайлоону башкаруу

Парламенттик шайлоо БШК, 30 округдук шайлоо комиссиясы (ОШК) жана 2500дөй участкалык шайлоо комиссиясы (УШК) кирген шайлоо комиссияларынын[18] үч баскычтуу иерархиялык системасы тарабынан өткөрүлдү. [19] БШК парламенттин жана президенттин сунуштары боюнча парламент тарабынан дайындалган туруктуу иш алып баруучу мекеме болуп саналат, Төрага жана Төраганын эки орун басары гана туруктуу негизде иштешет.

БШК ар бир округда Аймактык шайлоо комиссиясынын (АШК) курамынан 12 депутаттан турган ОШКларды түзөт.[20] ОШКнын мүчөлөрүн тандоодо юридикалык критерийлер жок, бирок БШК

---

13 2002 - жылкы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча жакшы тажрыйбалар кодексинин I.2.2.vii пунктунда бул процесс «калыс жана […] мүчөлөрүнүн көпчүлүгү көз карандысыз болгон комитеттин пикирин эске алуу менен жүргүзүлүшү керек, [жана] комитет курамына географ, социолог, партиялардын өкүлдөрү жана, зарыл болсо, түрдүү улуттардын өкүлдөрү кириши керек» деп айтылат.

14 Мыйзам талаптарына карабастан, административдик чек аралар дайыма сактала бербейт. Маселен, Өзгөн шаары эки шайлоо округуна бөлүнүп, улуттук азчылыктар компакттуу жашаган конушту экиге бөлүп салган.

15 ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 7.3-пунктуна ылайык, мүчө-мамлекеттер “бойго жеткен жарандарга жалпы жана бирдей шайлоо укугун кепилдейт”. 2002-жылкы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча жакшы тажрыйбалар кодексинин I.2.2.iv пунктунда мындай четтөөлөр 10 пайыздан, өзгөчө учурларда 15 пайыздан ашпоого тийиш”.

16 БШКнын 2025-жылдын 1-октябрындагы №88 токтому менен орточо 142 900 шайлоочусу бар 30 округ аныкталган. Сегиз шайлоо округу (жалпы шайлоочулардын 26,7 пайызы) эл аралык сунуштаган 10 пайыздык босогодон ашты: №9 (-14,10 пайыз), №15 (+12,11 пайыз), №28 (+12,09 пайыз), №13 (+11,9 пайыз), № 27 (+11,9 пайыз), № 27 (+10), № 27 (+10), №10 (+10). №4 (-10,24 пайыз). Ал эми №5 шайлоо округу 15 пайыздык босогодон ашты. БУУнун 1996-жылдагы № 25 БУУнун ЖСУЭП пактынын Жалпы Комментарийинин 21-пунктунда ”шайлоо округдарынын чектерин аныктоо жана шайлоочуларды каттоо ыкмасы добуштарды бөлүштүрүүнү бурмалоого тийиш эмес” деп айтылат.

17 Өзгөндө №9 жана №11 шайлоо округдарына, Ошто № 5, 7, 8 округдарга жана Сузакта №11 жана №12 округдарга бөлүү өзбек улутундагыларга, ал эми №7 жана 9- округдарга бөлүнүшү тажик улутундагыларга таасирин тийгизиши ыктымал. ЕККУ УАЖКнын Улуттук азчылыктардын коомдук турмушка катышуусу боюнча Лунд сунуштарында (10- сунуш)_"шайлоо округдарынын географиялык чек аралары улуттук азчылыктардын адилеттүү өкүлчүлүгүнө көмөктөшүүгө тийиш" деп айтылат. 2022-жылкы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча жакшы тажрыйбалар кодексинин I.2.2 .vii пунктунда “шайлоо округдарынын чек араларын кайра аныктоо […] улуттук азчылыктарга зыян келтирбестен жүргүзүлүшү керек” деп айтылат.

18 Аймактык шайлоо комиссиялары (АШК) шайлоону башкаруунун туруктуу органдары болуп саналат. Алар парламенттик шайлоо үчүн иштешпейт.

19 Бул шайлоолор үчүн БШК 34 өлкөдө 100 шайлоо участогун түздү, анын ичинде Россия Федерациясында 40, Түркияда 8, Казакстанда 7, Америка Кошмо Штаттарында жана Канадада 6дан, Корея Республикасында 4. БШК аралыктан добуш берүү үчүн 26 шайлоо участогун түздү, алар БШКнын аралыктан добуш берүү жөнүндө токтомдору менен жөнгө салынат жана бир дагы шайлоо округуна карашпайт.

20 АШКлар парламенттик шайлоону өткөрүүдө ыйгарым укуктарга ээ эмес.

төрага менен катчыны дайындоодо шайлоого байланыштуу тажрыйбасын эске алышы керек. 23-ноябрга карата ОШКлардын курамында 30дан ашык өзгөртүүлөр болгон, бул көпчүлүк учурда ыктыярдуу түрдө болгон. УШКлар саясий партиялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бирдей санда сунушталган талапкерлерден түзүлөт. ДИАУБ ШБМдын бир нече маектеши саясий партиялар бул укуктан пайдаланбай, комиссиялардагы саясий плюрализмдин болжолдонгон деңгээлин төмөндөтүп жаткандыгын белгилешти.

Алардын иш-милдеттеринин көлөмүн так аныктоосуз, УШКлар менен таблицаларды чыгарууда милдеттерди бөлүштүрүүсүз жана мындай УШКлардын санын аныктоосуз АШКлар алдында шайлоо материалдарын жиберүү үчүн байланыш түйүндөрүнүн түзүлүшү алыскы аймактардан документтерди жөнөтүү маселесин оперативдик жагынан чечти, бирок бул процесске тактык жетишсиз болду.

Аялдар ОШК жана УШКларда жакшы өкүлдүккө ээ болушкан, алар тиешелүүлүгүнө жараша кызматкерлердин 57 жана 70,5 пайызын түзүшкөн.[21] Улуттук азчылык топтору же ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн шайлоо администрациясында мыйзам тарабынан эч кандай квота кепилденген эмес.

БШК мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүү үчүн техникалык даярдыктарды натыйжалуу жана тездетилген мөөнөттө көрдү. БШК утурумдук сессияларын өткөрүп, алардын жаздырууларын онлайн режиминде көрсөтүү жана жарыялоо аркылуу чечимдерди кабыл алуу процессиндеги ачык-айкындуулукту жакшыртты, бирок күн тартиби, жоболор жана чечимдер дайыма эле өз убагында жарыялана бербегендиктен бул аракеттердин маанилүүлүгү азайды. ОШКлар жетиштүү ресурстар менен камсыз болгон жана өз милдеттерин кесипкөйлүк менен аткарышкан, көбүнчө БШК өкүлдөрү алардын административдик иштерине активдүү катышкан. Кээ бир ОШКлар отурумдарын *көбүнчө зарылчылыкка жараша*, алдын-ала маалымдоосуз өткөрүп жатышты, ал эми отурумдардын күн тартиптеринин жана протоколдорунун көп учурда жарыяланбаганы, ачыктыкты жана байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн чектеди.[22] Кээ бир ОШКлардын ишине алардын шайлоо округдарынын эбегейсиз чоң аймагы жана байланыш көйгөйлөрү таасир этти.[23] Шайлоо администрациясынын шайлоо өткөрүү үчүн зарыл техникалык мүмкүнчүлүктөрү көпчүлүк кызыкдар тараптардын ишенимине татыды.

Шайлоо күнүнүн жаңы жол-жоболорунун, анын ичинде аралыктан добуш берүү (өзүнүн шайлоо округунан тышкары жердеги шайлоо участогунда добуш берүү) тартибинин шайлоо күнүнө эки жума калганда гана кабыл алынышы тренерлер үчүн процессти толук түшүнүп, маалыматты ОШК жана УШК мүчөлөрүнө натыйжалуу жеткирүү үчүн жетиштүү убакыт берген жок.[24] УШКлар үчүн кээ бир тренингдер өткөрүлбөй калды, кээ бирлери кыска мөөнөттө өткөрүлдү. ДИАУБ ШБМдин Узак мөөнөттүү байкоочулары (УМБ) байкаган УШКлар үчүн кээ бир тренингдери сапаттуу презентациялар менен коштолуп, структураланган практикалык сессиялардан турса, айрымдары эч кандай кошумча материалдары жок лекция түрүндө өткгөрүлгөн. Шайлоо процессинин ар кандай аспектилерин чагылдырган телекөрсөтүү, социалдык медиа аянтчалары жана коомдук чогулуштар аркылуу кыргыз жана орус тилдеринде

---

21 2025-жылдын 12-сентябрында БШКнын президент тарабынан сунушталган төрт аял мүчөсүнүн экөөнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулуп, алардын ордуна эки эркек мүчө келген. Шайлоо мыйзамынын 2- беренесинде "[… ] [бир жыныстагы] (БШК) мүчөлөрүнүн үлүшү […] жетимиш пайыздан ашпашы керек" деп талап кылынат.

22 Мындай көрүнүштөр Балыкчы, Токмок, Кочкор, Өзгөн, Кара- Кулжа, Кызылкыя, Ноокат, Токтогул, Массы, Кербен шаарларында болгон; Бишкек, Манас жана Сузак шаарларында чечимдердын жарыяланбаганы кабарланган.

23 Бишкек, Кант, Балыкчы, Токмок, Чолпон-Ата, Кызыл-Суу, Ош, Араван, Кара-Суу, Кызылкыя, Ноокат, Манас, Сузак жана Таластагы байкоолорго ылайык.

24 21-ноябрда БШК бир жума мурун кабыл алынган шайлоочуларды идентификациялоо жана аралыктан добуш берүүнү уюштуруунун, өткөрүүнүн жана жыйынтык чыгаруунун тартиби жөнүндө эки жобону жарыялады.

ЖМКларда шайлоочулар үчүн кеңири маалыматтык кампаниялар жүргүзүлдү. Шайлоочулар үчүн маалымат, анын ичинде талапкерлер жөнүндө маалымат, улуттук азчылыктардын тилдеринде жеткиликтүү болгон эмес.[25]

## Добуш берүүнүн жаңы технологиялары

Добуш берүү жаңы шайлоо жабдууларын колдонуу менен өткөрүлгөн, ал шайлоо процесстеринин көбүн бир системага интеграциялап, алдын ала жыйынтыктарды электрондук түрдө эсептөөгө мүмкүндүк берет. Добуш берүүчүнү идентификациялоочу жана бюллетень чыгаруучу түзүлүшүнүн (VID-BP) идентификациялоочу документти текшерүү, биометрикалык аутентификациялоо, анын ичинде манжа изин жана жүздү сканерлөө, ошондой эле добуш берүүчүнүн идентификация барагын жана бюллетенди чыгаруу функцияларына ээ. Бул түзүлүш ошондой эле добуш берүү учурунда катышуу боюнча маалыматты БШКга үзгүлтүксүз жиберүүгө мүмкүндүк берет. Бюллетендер шайлоочулар тарабынан колго толтурулуп, бюллетень сканерине салынып, добуш купуялыгы сакталат. Шайлоо участогу жабылгандан кийин сканер интернетке туташтырылып, алдын ала жыйынтыктар дароо жөнөтүлөт жана кийинчерээк сканерленген кагаз протоколдор жиберилет. Электрондук түрдө алынган жыйынтыктар алдын ала жыйынтыктар болуп эсептелинет, ал эми колго саноо милдеттүү бойдон калып, колго саналган жыйынтыктар гана укуктук күчкө ээ болот.

БШКнын окутуулары шайлоо кызматкерлерин жаңы жабдууларды колдонууга жетиштүү деңгээлде даярдаган, окутуулар практикалык машыгуу менен бекемделген. Өкмөт органдары эң көп белгиленген көйгөйлөрдүн бири болгон электр энергиясынын жана интернет байланышынын туруксуздугуна байланыштуу маселелерди чечүү чараларын көрүшкөн, бирок айрым алыскы аймактарда кошумча жабдуулардын жеткирилүүсүндө кечигүүлөр байкалган.[26] ДИАУБ ШБМдин шайлоо администрациясына кирген маектештеринин көбү жаңы жабдуулардын киргизилишине оң баа берип, анын колдонууга ыңгайлуулугун жана шайлоо күнүнүн процедураларын жеңилдетүүгө тийгизген таасирин белгилеп, техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө ишенимин билдиришкен. Бирок, электрондук добуш берүү системаларын камсыз кылуу жана тейлөө көрсөтүү боюнча контракт, эл аралык мыкты тажрыйбага таянбастан, ачык коомдук тендерсиз берилген, бул ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыз кылбайт жана технологияны текшерүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу анын ачыктыгына күмөн санатат. [27]

---

25 Конституция кыргыз тили мамлекеттик тил, орус тили расмий тил экени белгилеп, башка улуттарга өз тилдерин сактоого жана өнүктүрүүгө шарттарды кепилдейт. 2022-жылдагы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча мыкты тажрыйбалар кодексинин I.3.1.b пунктунда “Мамлекеттик бийлик органдарынын бир катар оң милдеттери бар, *атап айтканда*, алар ii. шайлоочуларга тизмелерди жана шайлоого катышуучу талапкерлерди билүүгө мүмкүнчүлүк бериши керек […]. iii. Жогорудагы маалымат улуттук азчылыктардын тилдеринде да жеткиликтүү болушу керек.

26 ДИАУБ байкоочулары билдиргендей, ар бир ОШКга окутууудан өткөн техникалык адистер дайындалган, ал эми электр энергиясынын жана интернет байланыштын туруксуздугуна байланыштуу тобокелдиктер кабелдик тармактар, мобилдик интернет жана кошумча генераторлордун жардамы менен чечилген. Араван шаарында электр генераторлорунун жеткирилишинде көйгөйлөр байкалган жана Баткен облусуна техникалык адис дайындалбаганы тууралуу маалыматтар болгон.

27 2024-жылы Президенттин жана Министрлер Кабинетинин көрсөтмөсү менен контракт ачык коомдук тендер өткөрүлбөстөн чет элдик компания менен түзүлгөн. ДУАУБдун 2024-жылкы «Жаңы добуш берүү технологиялары (МКТ) боюнча колдонмосу»: «МКТ жана жаңы добуш берүү технологияларын (ЖДТ) колдонууну баалоонун ажырагыс бөлүгү – системанын ачык-айкындуулугу. Ал коомчулуктун ишенимин калыптандырууда негизги ролду ойнойт. Ачык-айкындуулукка ар кандай факторлор таасир этиши мүмкүн. Эгер системанын кандайдыр бир компоненти же процесси жашыруун болсо же мыйзам тарабынан ачыкка чыгарууга тыюу салынса, жалпы ачык-айкындуулук төмөндөйт. Добуш берүү – бул шайлоочулар тарабынан жана алар үчүн жүргүзүлүүчү коомдук процесс болгондуктан, колдонулган технология жеке келишим аркылуу камсыздоочу менен мамлекеттик органдардын ортосундагы сыр бойдон калбашы керек» - деп белгилейт (54–55-б.).

VID-BP чыгарган шайлоо бюллетенинде уникалдуу QR коду камтылган.[28] Бир учурда идентификацияланган шайлоочунун жеке маалыматын текшерүү жана тиешелүү шайлоо бюллетенине байланышкан QR-кодду түзүү добуш берүүнүн купуялуулугуна олуттуу потенциалдуу коркунуч жаратат.[29]Мыйзамда электрондук технологияларды көз карандысыз текшерүүнүн жана сертификациялоонун каралбаганы жабдууларга коомдук көзөмөлдү чектейт. БШКнын маалыматы боюнча, акыркы жолу жабдууларга аудит 2020-жылы «Инфоком» мамлекеттик ишканасы тарабынан жүргүзүлгөн, бирок жыйынтыктар жарыяланган эмес, бул өз кезегинде ачык-айкындуулукту жана коомчулук алдында отчеттуулукту чектеген. Андан тышкары, эл аралык мыкты тажрыйбага карама-каршы келип, саясий партиялар жана байкоочулар сыяктуу негизги кызыкдар тараптарга тиешелүү документтерди алуу жана жабдууларды орнотуу процедураларына катышуу мүмкүнчүлүгү берилген эмес, алардын айрымдары жабдууларды колдонуунун ачыктыгы тууралуу тынчсыздануударын билдиришкен. [30]

Өлкө боюнча биринчи жолу аралыктан добуш берүү ишке ашырылды.[31] Шайлоочулар катталган шайлоо округунан тышкаркы каалаган шайлоо участогунда добуш бере алышат, бул студенттердин жана эмгек мигранттардын добуш берүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтет. Аралыктан добуш берүү учурунда шайлоочу борборлоштурулган жеке маалыматтардын негизинде идентификацияланат жана шайлоочунун алгачкы шайлоо округунун талапкерлеринин тизмеси жазылган шайлоо бюллетенин алат. Бир нече жолу добуш берүүнү алдын алуу үчүн, аралыктан идентификациялоо бир жолу гана колдонулушу мүмкүн. БШК шайлоочулардын процесс менен таанышуусун камсыз кылуу жана элдин ишенимин жогорулатуу максатында октябрь айында үч жалпы улуттук тестирлөө менен бирге аралыктан добуш берүү боюнча бир нече симуляциялык көнүгүүлөрдү уюштурду. Тестирлөөгө катышуу өтө активдүү болбогонуна карабастан, ал шайлоо администрациясына интернетке туташууга жана маалымат жиберүүгө байланышкан айрым операциялык тобокелдиктерди аныктоого мүмкүндүк берди. Алыстан берилген добуштарды эсептөө жана анын жыйынтыктарын текшерүү боюнча так процедуралардын жоктугу укуктук тактыкка шек келтирет. [32]

## Шайлоочуларды каттоо

Шайлоо күнүнө карата курагы 18 жашка жеткен жарандар добуш берүүгө укуктуу. Ошол эле учурда, ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге, ДИАУБдун алдын ала сунуштарына жана эл аралык стандарттарга карама каршы келип, сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган жарандар жана бардык эркинен ажыратуу жазасын өтөп жаткандар, жасалган кылмыштын оордугуна карабастан, добуш берүү укугун жоготушат.[33]

---

28 QR-код добуш сканерине бюллетендин кайсы жерден жана качан чыгарылганын текшерүүгө мүмкүндүк берет, ошондой эле бузулган бюллетенди тапшыруучу шайлоочуларга коопсуз түрдө алмаштыруу бюллетенин берүү процесин жеңилдетет.

29 Жалпыга жеткиликтүү булак кодунун жана толук техникалык документациянын жоктугу QR-коддор менен конкреттүү шайлоочулардын ортосундагы мүмкүн болгон байланышты баалоого мүмкүнчүлүк бербейт.

30 2022 жылдагы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча мыкты тажрыйбалар кодексиндеги, Түшүндүрмө Отчеттун I.3.2.iv абзацы жана 3.2.2.3 пункту электрондук добуш берүү системаларынын ачык-айкындуулугун камсыздоого чакырат. Башка маселелер менен катар, ДИАУБ маектештери бир нече идентификациялоочу түзүлүштөргө жүктөлгөн шайлоочулардын тизмесиндеги шайлоочулардын жазууларынын кайталанышына каршы кепилдиктердин бар болушу жөнүндө кооптонуусун билдиршти.

31 2024-жылдагы жергиликтүү жана парламенттик кошумча шайлоолордо аралыктан добуш берүү бир нече жолу ишке ашырылган. Шайлоо жөнүндө мыйзамга ылайык, аралыктан добуш берүүнү өткөрүү чечими шайлоо дайындалганда кабыл алынат. Президенттин 30-сентябрдагы жарлыгы менен 2025-жылдагы кезексиз парламенттик шайлоодо аралыктан добуш берүүнү өткөрүү бекитилген.

32 Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 36 жана 37-беренелеринин 5-пунктунун аралыктан берилген добуштарды эсептөө жана жараксыз деп табуу боюнча жоболорунда тактык жок, бул 14-ноябрдагы тиешелүү жободо каралган эмес.

33 1966-жылдагы ЖСУЭП 25(b) беренеси 2-берене менен бирге "негизсиз чектөөлөрсүз" жана дискриминациясыз добуш берүү укугун кепилдейт. Ошондой эле 1996-жылдагы БУУ АУКтун № 25 Жалпы

Шайлоочуларды каттоо туруктуу жарандык каттоонун негизинде пассивдүү түрдө жүргүзүлөт жана биометрикалык маалыматтарды талап кылат. Шайлоочулардын тизмелери[34], шайлоочулардын даректерине жана шайлоо укугунун критерийлерине ылайык, "Кызмат" мамлекеттик каттоо агенттиги (МКК) тарабынан жүргүзүлүүчү Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринен түзүлөт. Шайлоочулардын тизмелери шайлоо мезгилинде күн сайын жаңыланып турат. ДИАУБ ШБМ байкоочулары алар барган бардык шайлоо участкаларында тизмелер ачык көрсөтүлгөнүн жана жалпысынан шайлоочулар үчүн жеткиликтүү болгонун билдирди. Шайлоочулардын 19-ноябрга чейин оңдоолорду талап кылууга жетиштүү мүмкүнчүлүгү болгон. 23-ноябрда жарыяланган шайлоочулардын акыркы тизмесине 4 миллион 294 миң 243 шайлоочу кирди, алардын 51,52 пайызы аялдар. ДИАУБ ШБМ маектештеринин айтымында, шайлоочуларды каттоо маалымат базасындагы биометрикалык маалыматты текшерүүнүн коопсуздугу боюнча пландалган аудит шайлоодон кийинкиге жылдырылган.

Шайлоочулардын тизмесин текшерүү жана тактоо процесси шайлоочуларды каттоонун тактыгы боюнча кооптонууну жараткан жок жана ДИАУБ ШБМ маектештеринин көбү анын так жана инклюзивдүү болушуна ишенимин көрсөтүштү. Бирок УШКлардын шайлоо участкаларында добуш берген шайлоочулардын тизмелерин көрсөтүү жана бул тизмелерди БШКнын сайтында жарыялоо боюнча мыйзамдын талабы добуш берүүнүн купуялуулугун жокко чыгарат.[35]

## Талапкерлерди каттоо

Шайлоо күнүнө карата 25 жаштан кем эмес, жогорку билими бар, шайлоого чейин беш жылдан кем эмес өлкөдө туруктуу жашаган шайлоочулар талапкер болууга укуктуу. Шайлоо жөнүндө мыйзам эл аралык стандарттарга жана улуттук мыйзамдарга, ошондой эле ДИАУБдун алдын ала сунуштарына карама-каршы келген негизсиз чектөөлөрдү шайлоо укугуна киргизет.[36] Конституцияда, ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын сунуштарына карабастан, кош жарандыкка ээ болгон инсандарга мамлекеттик же муниципалдык кызматтарды ээлөөгө тыюу салынган.[37]

---

Комментарийин 4-пунктун караңыз. БУУнун 1996-жылдагы ЖСУЭП пактынын № 25 Жалпы Комментарийинин 12 жана 29-беренелерин жана №1 Жалпы комментарийдин 48-пунктун караңыз, анда "адамдын чечим кабыл алуу жөндөмү ден соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелгендердин […] шайлоо укугун [жана] шайлануу укугун ишке ашыруудан кандайдыр бир четтетүү үчүн негиз боло албайт" деп айтылат. Ошондой эле 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 7.3 жана 24-пункттарын караңыз.

34 Биометрикалык каттоодон өтүү 16 жашка толгон бардык жарандар үчүн милдеттүү. БШКнын маалыматына ылайык, биометрикалык каттоодон 8 миңдей гана жаран өтө элек.

35 1966-жылдагы МКБКнын 25-беренеси жана ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 5.1-пунктунда добуш берүүнүн купуялуулугун сактоо каралган. 2002-жылдагы Венеция комиссиясынын Чечмелөө Декларациясынын I.4.54-пунктунда: "калыс калуу саясий тандоону көрсөтүшү мүмкүн болгондуктан, добуш берген адамдардын тизмеси жарыяланбашы керек. Ошондой эле Венеция комиссиясынын 2016-жылдагы Шайлоо маселелериндеги мыкты тажрыйбалар кодексине Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмелерин жарыялоо жөнүндө Чечмелөө Декларациясын караңыз.

36 1966-жылдагы Жарандык жана Саясий Укуктар жөнүндө Эл аралык Пактынын (ЖСУЭП) 25(б) беренеси менен 2-берене "расасы, дене түсү, жынысы, тили, дини, саясий же башка көз караштары, улуттук же социалдык теги, мүлктүк, туулгандык же башка абалы сыяктуу эч кандай айырмачылыксыз" шайлануу укугун кепилдейт. 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген документинин 7.3 пунктун караңыз. 2002-жылдагы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелериндеги мыкты тажрыйбалар кодексинин I.1.1.d пункту жашаган жери боюнча талаптарга жергиликтүү/аймактык шайлоолордо гана жол берип, алар алты айдан ашпоого тийиш деп карайт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 1-бөлүгү басмырлоого, анын ичинде билим деңгээлине байланыштуу басмырлоого тыюу салат. БУУнун Адам Укуктары Кеңешинин 1996-жылдагы № 25 Жалпы Комментарийинин 15-пунктунда "шайлоо укугуна ээ болгон адамдар билими, жашаган жери же теги сыяктуу негизсиз же басмырлоочу талаптар менен четтетилбеши керек" деп айтылат.

37 ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын 2020-жылга карата айрым мыйзам актыларына шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн санкцияларга байланыштуу өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча Биргелешкен Корутундусу

Мыйзамдагы соңку түзөтүүлөр кыргыз тилин билүү боюнча талаптарды киргизип, (кийин бул талаптын кеч киргизилгендигинен улам зарыл стандарттардын жок болушуна байланыштуу бул шайлоодо ишке ашырылуусу токтотулган)[38] соттуулугу бар, анын ичинде соттолгондугу жоюлуп, айрым айыптоо корутундусу жок жабылган кылмыш иштери болгон адамдардын талапкер болуусуна чектөөлөрдү кеңейткен.[39] Кандайдыр бир соттолгондуктан, өзгөчө ал жоюлган, же кылмыш куугунтуктоосу токтотулгон учурларда, талапкер болууга өмүр бою тыюу салуу – жазанын пропорционалдуулугу жөнүндө кооптонууну жаратат жана жарандардын акталуу укугун четке кагат. Мындан тышкары, соттун чечими чыгарылбаган учурда да,[40] кылмыштуу же куралдуу топтор менен байланышы үчүн административдик профилактикалык реестрге киргизилген адамдар талапкер боло алышпайт, бул күнөөсүздүк презумпциясына жана укуктук ишенимдүүлүккө шек келтирет.[41] Ошондой эле, мурдагы дин кызматкерлерине да катышууга убактылуу тыюу салынышы эл аралык стандарттарга карама-каршы келет.[42] Талапкер болууга уруксат берүүчү шарттар талапкерлик укугуна негизсиз чектөөлөрдү камтыйт жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылбайт.

Талапкерлер 30-октябрга чейин, 300000 сом[43] кайтарылгыс шайлоо жыйымын төлөп, катталган саясий партиялар аркылуу жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен талапкерликке көрсөтүлө алышат. ДИАУБ ШБМдин бир нече маектештери, өзгөчө мөөнөтүнөн мурда шайлоодо каражат чогултуу үчүн чектелген убакытты эске алганда, мындай жыйым саясий катышуу үчүн тоскоолдук болуп калышы мүмкүн экенин белгилешти. 2025-жылга карата Шайлоо мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын, жаштардын жана улуттук азчылыктардын катышуусуна квоталарды жоюп, инклюзивдик өкүлчүлүк үчүн мүмкүнчүлүктөрдү азайтты.

Каттоо процесси жалпысынан ачык өттү. БШК мекемелер аралык маалымат алмашуу аркылуу шайлоочулардын маалыматынын шайкештигин текшерүүнү натыйжалуу жүргүздү жана

---

"кош жарандуулугу бар жарандардын мамлекеттик кызматтарды ээлөөсүнө коюлган чектөөлөрдү азайтуу жана акырында алып салуу маселесин тийиштүү түрдө карап чыгууну» сунуштайт (32-пункт).

38 Министрлер кабинети өзүнүн №211 токтомуна ылайык, улуттук азчылыктардын өкүлдөрү үчүн кыргыз тилин билүү талабын ишке ашырууну 2028-жылга чейин кийинкиге калтырды.

39 1966-жылдагы ЖСУЭПтин 25-беренеси шайлоого негизсиз чектөөлөрсүз катышуу укугун кепилдейт, ал эми БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешинин 1996-жылдагы №25 жалпы комментарийинде тил билүүсүнө же кылмыш жоопкерчилигине негизделген чектөөлөр объективдүү жана акылга сыярлык критерийлерге негизделиши жана коомдук жашоого катышууга пропорционалдуу эмес тоскоолдуктарды жаратпашы керектиги баса белгиленген. 2002-жылдагы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча жакшы тажрыйба кодексинин I.1.1.d.iv пунктун караңыз.

40 ДИАУБдун ШБМ тарабынан каралган сот иштери айрым адамдар өздөрүнүн превентивдүү ыкчам тизмелерге киргизилгенин БШКнын каттоодон четтетүү боюнча чечимин алгандан кийин гана билишкенин тастыктады. Соттор мындай тизмелерди карап чыгууга же жокко чыгарууга ыйгарым укуктары жок экенин белгилегендиктен, аларды кароо БШКнын мыйзамга ылайык келүүсү менен гана чектелген. Натыйжада, тиешелүү адамдар өздөрүнүн дисквалификациясынын негизин талашуу үчүн натыйжалуу чарасыз калышкан, бул ЕККУнун милдеттенмелерине жана эл аралык стандарттарга карама-каршы келет. 1966-жылдагы ЖСУЭПтин натыйжалуу чара жөнүндө 2.3-беренеси. Ошондой эле 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген документинин 5.10-пунктун караңыз.

41 2025-жылдагы «Уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү жөнүндө» мыйзам профилактикалык реестрдин негизин түзөт, оперативдүү профилактикалык реестр соттук кароосуз коопсуздук кызматтары тарабынан жүргүзүлөт. Конституциянын 57-беренесинин 1-бөлүгү күнөөсүздүк презумпциясына кепилдик берет. 1966-жылдагы ЖСУЭП пактынын 14-беренесинде кылмыш жоопкерчилигинин сот тарабынан аныкталуу талабы каралган. ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 5.12 жана 5.13-пункттарында укуктарга коюлган чектөөлөр мыйзамдуулук, алдын ала көрүүгө мүмкүн болуу жана өзүм билемдикке жол бербөө стандарттарына жооп бериши керектиги каралган.

42 1966-жылдагы ЖСУЭП 25 менен 2-беренелерин караңыз. 1996-жылдагы БУУнун АУК № 25 Жалпы Комментарийинин 3-пункту диний негизде саясий укуктар боюнча кандайдыр бир айырмачылыктарга тыюу салат.

43 Жыйым 3,000 эсептөө бирдигин түзөт (э.б.), 1 э.б. 100 сомго барабар (дээрлик 1 евро), жалпысы 3,000 евро. Мыйзамда майыптыгы бар талапкерлер үчүн жеңилдетилген жыйымдар каралган, жеңилдетүү өлчөмү майыптыктын даражасынан көз каранды.

талапкерлер боюнча чечим кабыл алуу үчүн бир нече отурумдарды өткөрдү. БШК талапкерлерди каттап же жүйөлүү себептердин негизинде четке кагып, келип түшкөн маалыматтарды текшерди. ДИАУБ ШБМ каттоо мөөнөтү бүтөөрүнө аз калганда талапкерлерди каттоодон четтетүү боюнча даттанууларды натыйжасыз кылган деп тапты. Мыйзамда каралган мөөнөттө БШК 465 талапкерди каттады, алардын ичинде 189 аял (41%) жана 13 өздөрүн улуттук азчылыктардын өкүлдөрү деп аныктагандар (3%) болгон; 67 талапкер катышуудан баш тарткан,[44] 57 талапкер каттоодон четтетилген.[45] Катталган талапкерлердин саны округдар ортосунда бир кыйла айырмаланат.[46] Дээрлик бардык талапкерлер өзүн өзү көрсөтүшкөн (98 пайыз); бир гана саясий партия тогуз талапкерди көрсөткөн, бул жаңы шайлоо системасы саясий партиялардын катышуусун чектегенин көрсөттү. Мурунку парламенттин 90 депутатынын 79 бул шайлоого катышууга ат салышты.

## Шайлоо өнөктүгү

Шайлоо өнөктүгү кыска болуп, 10-ноябрдан 29-ноябрга чейин созулду. Өнөктүктүн чектелүү мөөнөтү көптөгөн талапкерлердин шайлоочуларга кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө тоскоолдук жаратты. Мыйзамдык база үгүт иштеринин бардык катышуучуларына бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыздайт жана жарандарга үгүт иштерине катышуу укугун берет. Бирок, шайлоо өнөктүгүн жөнгө салуу эмне айтылышы мүмкүн жана эмне айтылбашы керектиги жөнүндө так аныктамалар камтыйт[47] жана талапкерлер менен шайлоочулар үчүн үгүт иштеринин белгилүү бир түрлөрүн аныктайт,[48] бул шайлоо администрациясынын берилген эрежелерди формалдуу чечмелөөсү жана кеңири санкциялар менен бирге талапкерлердин мүмкүнчүлүктөрүн ашыкча чектеп, эркин коомдук саясий талкууга тоскоол болгон.[49] Кээ бир региондордо сот бийлиги чогулуш өткөрүү

---

44 Мыйзам боюнча партиялар жана талапкерлер шайлоо күнүнө 10 күн калгандан кечиктирбестен шайлоого катышуудан баш тарта алышат.

45 Каттоодон өтө албагандардын ичинен 14 шайлоо акысын төлөй алган жок, 20 үгүт иштери үчүн банк эсебин ача алган эмес, ал эми 23 талапкер болууга жараксыздык себептерден улам, анын ичинде үчөө соттолгондугу үчүн.

46 Кеминде 10 талапкери бар 29 округ бар, анын ичинде төртөөндө 20дан ашык талапкер катталган. Талапкерлердин эң азы – 5 – 11-ОШКларда, ал эми эң көбү – 25 – 19- ОШКларда катталган.

47 2021-жылдагы Анык эмес (жалган) маалымат жөнүндө мыйзам, ошондой эле Шайлоо мыйзамынын 28(5)-беренеси атайылап жалган маалыматка негизделген жана талапкерлердин же саясий партиялардын ар-намысына, кадыр-баркына же ишкердик беделине шек келтирген жарыялоолорго тыюу салат. Ошол эле учурда, бул мыйзамдын 28(6)-беренесинде акысыз эфир убактысында" талапкерге (талапкерлерге) каршы добуш берүүгө чакырыктарды", "кайсы бир талапкер (кайсы бир талапкерлер), катталган талапкерди көрсөткөн саясий партия жөнүндө терс пикирлерди камтыган маалыматты" жана "шайлоочулардын талапкерге же катталган талапкерди көрсөткөн саясий партияга карата терс мамилесин түзүүгө өбөлгө түзгөн маалыматты таратуу" тыюу салынат.

48 1.Шайлоо жөнүндө Мыйзамдын 22-беренесинин (10) бөлүгүндө шайлоо үгүтүнүн төрт формасы белгиленет - (1) белгилүү бир талапкерлер үчүн же аларга каршы добуш берүүгө чакырыктар; (2) жеке талапкерлерге байланыштуу артыкчылыкты билдирүү; (3) талапкерлердин шайланышы же шайланбашы мүмкүн болгон кесепеттердин сүрөттөлүшү; (4) талапкерлердин кесиптик ишмердүүлүгүнө же расмий милдеттерин аткаруусуна байланышпаган ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматты жайылтуу.

49 Шайлоо жөнүндө Мыйзамдын 1-беренесинде үгүт «жарандардын […], талапкерлердин, талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана ишенимдүү адамдарынын, саясий партиялардын шайлоо өнөктүгү маалында маалыматты даярдоо жана таратуу багытындагы ишмердүүлүгү, шайлоочуларды белгилүү бир талапкерлерге (талапкерлер тизмесине) же аларга каршы добуш берүүгө үндөөгө багытталган иш-аракеттери» катары аныкталат. Бирок БШК кеңири түшүндүрмөнү колдонуп, жарандардын саясий пикирин ачык билдирүүсү же комментарийи үгүт катары каралып, ал талапкер менен түзүлгөн келишимдин негизинде гана жүргүзүлүүгө тийиш деп эсептейт.

укугун чектеген.[50] Шайлоого бир жума калганда белгилүү саясий ишмерлер массалык баш аламандыктарды уюштурууга даярданган деген шек менен камакка алынган.[51]

Мыйзам административдик ресурстарды жана мамлекеттик кызмат абалын кыянаттык менен пайдаланууга, добуштарды сатып алууга, ЖМКларга чыгууга артыкчылыктуу мүмкүнчүлүк алууга, жалган маалымат таратууга жана мамлекеттик ЖМКлар берген акысыз эфир убактысында башка талапкерлерди сындоого тыюу салат.[52] Мамлекеттик бийлик органдары, анын ичинде президент бир нече жолу шайлоочуларга кайрылып, мыйзамсыз аракеттерге бөгөт коюп, үгүт иштерин адилеттүүлүк менен жүргүзүүгө чакырды.[53] Талапкерлер административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланбоо жана добуштарды сатып алууга жол бербөө боюнча милдеттендирбеген меморандумга кол коюшту.[54] ДИАУБ ШБМ байкоочулары шайлоо өнөктүгү учурунда көп аймактарда азайган бирок дале болсо кеңири тараган добуштарды сатып алуу тууралуу божомолдор боюнча маалымат алышты, бирок жалпысынан тогуз кылмыш иши гана козголгон.[55] ДИАУБ ШБМдин бир нече маектештери шайлоо өнөктүгүнүн жаңы эрежеси талапкерлерге үгүт иштерин жүргүзгөнү үчүн 1000ге чейин адамды жалдоого мүмкүндүк бергенин белгилешти, ал эми кээ бирлери бул эреженин кайра киргизилишин добуш сатып алууну мыйзамдаштыруу деп эсептешти.

Президент шайлоо өнөктүгүнүн таза өтүшү үчүн анын жүрүшүнө жеке көзөмөл жүргүзө тургандыгын билдирди.[56] Мыйзам БШКны шайлоо өнөктүгүнүн талаптарынын сакталышын камсыз кылууга милдеттендирет. Анын Үгүт маселелери боюнча адистештирилген жумушчу тобу 200дөн ашык даттанууларды карап чыкты, алардын көбү өнөктүк расмий башталганга чейин жана андан кийин жабык группаларда же социалдык тармактарда жарыяланган же айтылган материалдарга байланыштуу болгон.[57]

---

50 2024-жылдан берки жергиликтүү администрациялардын кайрылууларынын негизинде соттор Бишкек жана Ош шаарларынын борбордук бөлүктөрүн коомдук чогулуштарга тыюу салынган аймактар катары аныктаган убактылуу чараларды көрүшкөн.

51 22-ноябрда бир катар саясатчылар жана журналисттер, анын ичинде эки оппозициялык партиянын өкүлдөрү, эки экс-депутат жана Каржы полициясынын мурдагы башчысы суракка алуу үчүн кармалып, андан соң алардын ону, Социал-демократтар партиясынын жетекчисин кошуп, массалык баш аламандыктарды уюштурууга даярданган деген шек менен 1-январга чейин камакка алынган (Кылмыш-жаза кодексинин 278-беренесине ылайык, 10 жылга чейин эркинен ажыратылышы ыктымал). Кармалган адамдардын үй-бүлө мүчөлөрүнө бир нече жолу тинтүү жана сурак иштери жүргүзүлдү.

52 Үгүт иштериндеги административдик укук бузуулар эскертүүлөргө, айып пул салууга жана талапкерлерди каттоодон алып салууга алып келиши мүмкүн, ал эми үгүт иштерине байланыштуу кылмыштар айып салууга, түзөтүү жумуштарына же сегиз жылга чейин эркиндигинен ажыратууга алып келет.

53 Президент Жапаров 30-сентябрдагы элге кайрылуусунда өзгөчө жергиликтүү администрациялардын кызматкерлерин, мамлекеттик кызматкерлерди, мугалимдерди, дарыгерлерди шайлоо процессине кийлигишпөөгө чакырып, ар кандай кийлигишүү кызматтан четтетилип, катуу жоопкерчиликке тартылууга алып барарын эскертти. Президент “бул шайлоо биздин тарыхыбыздагы эң ачык-айкын жана адилеттүү шайлоо болуп калышы керек” деп белгиледи. БШК төрагасы талапкерлерди добуш сатып алуудан, Билим берүү министрлиги билим берүү тармагындагы адистерди үгүт иштерине катышуудан алыс болууга чакырды.

54 Талапкерлер меморандумдарга 8 -ноябрда тиешелүү УШКларда (Бишкектеги УШКлар үчүн – БШКда) добуш берүүнүн тартиби жана мамлекеттик ЖМКда акысыз эфирдик убакытты бөлүштүрүү боюнча чүчүкулак өткөргөндөн кийин кол коюшту.

55 ДИАУБ ШБМ ар кайсы аймактарда, анын ичинде Бишкекте, Гүлчөдө, Кадамжайда, кантта, Кара-Суудa, Кербенде, Лебединовкада, Нарында, Ноокатта жана Токмокто добуш сатып алуу жөнүндө шектенүү боюнча маалымат алды. Прокуратура ДИАУБ ШБМга 25-ноябрга карата добуш сатып алуу боюнча 18 иш тергелип жатканын билдирди.

56 Президент "Бул шайлоолорго арбитр катары жеке көзөмөл жүргүзүүгө […] милдеттенме алды. Эгерде кайсы бир аймакта адилетсиз иштер катталса, мен өзүм БШКнын ишине катышам же комиссия түзүп, ал жакка ишенимдүү адамдарымды жөнөтөм".

57 Жумушчу топ 17 отурум өткөрдү, анын ичинде 14 жумушчу отурум. БШКнын деңгээлине жеткен даттануулар боюнча маалымат алуу үчүн Шайлоо талаштарын чечүү бөлүмүн караңыз.

Шайлоо өнөктүгү өткөн аптада кызыганы менен, ал иш-чаралар негизинен чакан болуп, тынч маанайда өттү. Үгүт иш-чараларына байкоо жүргүзүү алардын этияттык менен өтүшүн жана шайлоочулар менен талапкерлердин шайлоо өнөктүгүнүн чөйрөсү белгилүү деңгээлде көзөмөлдөнгөндүгүнө макул болгондугун жана айрыкча бийлик органдарына сын катары каралышы мүмкүн болгон ар кандай иш-аракеттердин кесепеттеринен корккондугун көрсөттү. ДИАУБ ШБМдин бир нече маектеши бул жөнүндө кооптонууларын да билдиришкен.[58] Андан ары, айрым ДИАУБ ШБМ маектештери шайлоочулардын кош көңүлдүгүнүн жогорку деңгээлин белгилешти, муну алар саясий процесске ишенимдин жоктугу жана андан көңүлү калгандык менен түшүндүрүштү.

Мындай өнөктүк чөйрөсүнө карабастан, көп аймактарда шайлоо иш-чаралары атаандаштыкта, бир бөлүгү БШК жана ОШКлар тарабынан биргелешип уюштурулган жабык жыйындары, талапкерлер көбүнчө жеке адам катары иш алып барган үймө-үй кыдыруулары жана социалдык тармактардагы иш-чаралар түрүндө өтүп жатканы байкалды.[59] Үгүт өнөктүгү негизинен талапкерлердин ким экендигинин айланасында болсо да, талапкерлер бир катар жергиликтүү маселелерди, анын ичинде жашоонун кымбатташы, социалдык өнүгүү, анын ичинде билим берүү жана саламаттыкты сактоо, жергиликтүү инфраструктура жана аялдардын укуктары сыяктуу маселелерди козгошту.

Талапкерлердин көбү Инстаграм, Фэйсбук, Ютуб сыяктуу социалдык медиа платформаларына жана үгүт иштеринин негизги инструменттеринин бири катары кат алышуу тиркемелерине таянышкан. Он талапкердин Инстаграм аккаунттарында 100 000ден ашуун жазылуучу болсо, 22 талапкердин Инстаграм жана Фэйсбукта аз дегенде 10 000ден жазылуучусу болгон. Үгүт өнөктүгүнө байланыштуу посттор жалпысынан талапкерлердин үгүт иш-аракеттерин чагылдырып, инсандык өзгөчөлүктөрүн чагылдырган, сейрек учурларда программалык маселелерди, анын ичинде коомдук кызыгууну жараткан маселелерди камтыган. ДИАУБ ШБМ мониторинг кылган социалдык медиа платформаларында каралоо же кемсинткен жана башка талапкерлерге же бийликтерге каршы билдирүүлөр болгон эмес.[60] Онлайн-өнөктүктү жөнгө салуу үчүн атайын жоболор жок болгондуктан, мында жалпы жоболор колдонулат.

Кээ бир ДИАУБ ШБМ маектештери улуттук азчылыктарга жана жамааттарга таандык талапкерлердин арасында тынчсыздануу жана этияттык көрүнүштөрү бар экенин билдиришти. Коомдук үгүт иштеринде азчылыктарга тиешелүү темалар боюнча талкуулар дээрлик болгон жок. Мындан тышкары, азчылыктардын тилдеринде шайлоо маалыматтарынын жана үгүт иштеринин жеткиликтүүлүгү өтө чектелген.[61] Кыргыз жана орус тилдеринен башка тилдерде жалпыга

---

58 ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 7.7-пунктунда ЕККУга мүчө мамлекеттер “саясий өнөктүктү административдик аракеттер, зордук-зомбулук же коркутуулар партиялардын жана талапкерлердин өз көз караштарын эркин талкуулоосуна же өч алуудан коркпостон добуш берүүсүнө тоскоолдук кылбаган адилет жана эркин атмосферада өткөрүүгө мүмкүндүк берүүчү мыйзам жана мамлекеттик саясатты камсыз кылууга милдеттенишкен».

59 ДИАУБ ШБМ бардык аймактарда 106 үгүт иш-чарасына байкоо жүргүздү, алардын көбү 15-ОШКда, 26-ОШКда жана 29- ОШКда (тиешелүүлүгүнө жараша 8). 40 пайызга жакынында (42 иш-чара) 100гө чейин адам катышты, ал эми өнөктүк иш-чараларынын 22 пайызга жакыны (23 иш-чара) 50 катышуучуга чейинки аудиторияны жана 17 пайызы 1000 катышуучуга чейин көбүрөөк аудиторияны тартты.

60 Ошо сыяктуу эле, байкоого алынган үгүт иш-чараларынын 71 пайызында (106 иш-чаранын 75инде ) талапкер же башка баяндамачылар тарабынан терс сын-пикирлер жана комментарийлер болгон эмес.

61 2023-жылы кабыл алынган Мамлекеттик тил мыйзамы үгүт иштерин кыргыз же орус тилдеринде гана жүргүзүүнү милдеттендирет. ДИАУБ ШБМдин узак мөөнөттүү байкоочулары тарабынан байкалган 106 жолугушуунун 86 (81 пайызы) жалаң кыргыз тилинде, 15 (14 пайызы) кыргыз жана орус тилдеринде, эки жолугушуу кыргыз жана өзбек тилдеринде, бир жолугушуу кыргыз тилинен башка тилдерде жана бир жолугушуу өзбек тилинде гана өткөрүлдү. Улуттук азчылыктардын тилдеринде үгүт материалдары такыр байкалган жок.

маалымдоо каражаттарынын жетишсиздиги дагы этникалык азчылык жамааттары үчүн шайлоо өнөктүгүндө кыйынчылык жаратууда.[62]

## Шайлоо өнөктүгүн каржылоо

Өнөктүктү каржылоо боюнча мыйзамдык база шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоону жөнгө салуу үчүн жетиштүү структураланган негизди камсыз кылат. Бирок, каражаттарды анча көп эмес ашыкча сарптаганы үчүн да талапкердерди каттоодон чыгарып коюу мүмкүндүгү пропорциялуу эмес чара. Акыркы өзгөртүүлөргө ылайык, башкалардын арасында, талапкерлердин каражат тартуу ыкмалары чектелди, ашыкча чыгым үчүн, иштин оордугуна жараша ашыкча оор чара катары, талапкерлерди каттоодон чыгарып салуу мүмкүндүгү киргизилди жана социалдык тармактардагы жарнамаларды каржылоону үгүт иштерине кетирилген мыйзамдуу чыгымдар катары таанылды.

Үгүт өнөктүктөрүн каржылоо, каражаттардын көлөмдөрү жана булактары боюнча чектөөлөрдү сактоо менен, талапкердин, саясий партиянын каражаттарынын жана жарандар менен юридикалык жактардын ыктыярдуу кошкон каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүшү мүмкүн.[63] ДИАУБдун жана Венеция Комиссиясынын буга чейинки сунуштарына карабастан, материалдык салымга дагы деле уруксат берилбейт.[64] Бир талапкердин үгүт фондунун жалпы суммасы болжол менен 20 000 000 сом менен чектелет. Жарыяланган каржылык маалыматтарга ылайык, шайлоо өнөктүгүн каржылоонун негизги булактары талапкерлердин жеке активдери жана жеке адамдардан түшкөн каражаттар болуп саналат. Каржылык теңсиздик талапкерлердин үгүт өнөктүгүн бирдей деңгээлде жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө таасирин тийгизди.

Бардык талапкерлер ыйгарым укуктуу эки мамлекеттик банктын биринде атайын өнөктүк эсебин ачышты. Кээ бир ДИАУБ ШБМ маектештери QR коддору же электрондук капчыктар сыяктуу жөнөкөйлөштүрүлгөн онлайн аспаптарынын жоктугун өкүнүч менен айтышты. Кээ бир ДИАУБ ШБМ маектештери мамлекеттик банктардын эксклюзивдүү түрдө колдонулушуна тынчсызданоусун билдиришип, транзакциялардын жай өткөрүлүшүн жана айыл жерлеринде филиалдардын аздыгын билдиришти.

БШК өнөктүк учурунда ар бир катышуучу боюнча киреше, чыгаша жана каржылык отчетту өзүнүн веб-сайтында жарыялайт,[65] бирок акча булактары ачыкка чыгарылбайт, бул үгүт каражаттарынын келип чыгышы жана сарпталышы боюнча маалыматтын коомчулукка жеткиликтүүлүгүн талап кылган ачык-айкындуулуктун эл аралык стандарттарына туура

[62] Кыргыз же орус тилдеринен башка тилдерде такай иштеген бир дагы телеканал жок, ошондой эле Кыргызстанда жайгашкан, кыргыз, орус же англис тилдеринен башка тилдерде онлайн маалымат каражаттары жок. ДИАУБ ШБМ маектештеринин айтымында, бир гана азчылык тилиндеги басма сөз каражаты калды.

[63] Шайлоо өнөктүгү болжол менен 100 000 еврого чейинки жеке каражаттар, 10 000 еврого чейинки партиялардын салымдары жана 5 000 еврого жакын жеке жана юридикалык жактардын кошкон каражаттары аркылуу каржыланышы мүмкүн. Саясий партиялардын үгүт фонддоруна талапкерлердин 150 000 еврого чейинки төгүмдөрү, 1 миллион еврого чейинки партиянын ресурстары, 2 000 еврого чейинки жеке колдоочулардын каражаттары жана 30 000 еврого чейинки юридикалык жактардын кошкон каражаттары камтылышы мүмкүн. Анонимдүү жана чет элдик булактардан, дин кызматкерлеринен, сот бийлигинен, аскер адамдарынан, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерден жана мамлекетке карызы барлардан каражат алууга тыюу салынат.

[64] ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын 2020-жылдагы Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча көрсөтмөлөрүнүн 170-пунктунда “...бардык адамдар акылга сыярлык чектерде каржылык жана материалдык салымдар аркылуу өзүлөрү тандаган саясий партияны колдоорун эркин билдирүүгө укуктуу” деп айтылат.

[65] 29-ноябрга карата БШК талапкерлердин жалпы кирешеси 17,8 миллион еврону жана чыгашалары 15,52 миллион еврого жакынын көрсөткөнүн консолидацияланган банк маалыматтарын жарыялады.

келбейт.[66] Үгүт өнөктүгүнүн каржылык отчетун онлайн тапшыруу системасы жок болгондуктан, 22-ноябрга карата белгиленген аралык отчеттор кагаз түрүндө тапшырылып, техникалык мүмкүнчүлүктүн жоктугунан алар жарыяланган эмес. БШК келип түшкөн отчеттордун так санын айта алган жок, анткени алардын айрымдары ОШКларга берилген. БШК ДИАУБ ШБМга адам ресурстарынын чектелүүлүгүнө жана убакыттын кыскалыгына байланыштуу отчетторду текшерүүнү чектегендигин жана ал биринчи кезекте өнөктүк эсептерин тейлеген банктарга таянып, мыйзамсыз же ашыкча кошулган каражаттарды четке кагып жатканын түшүндүрдү.[67] Акыркы отчеттор 2025-жылдын 7-декабрына чейин берилет.

БШК шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөйт, мыйзам бузуулар боюнча иш алып барат, каржылык операцияларды, үгүт иштерин каржылоо боюнча отчетторду текшерет, текшерүүлөрдү жана ревизияларды жүргүзөт.[68] Аудиттердин так процедураларынын жоктугу жана коомчулукка ачыкка чыгаруунун чектелгендиги шайлоо өнөктүгүн каржылоону көзөмөлдөөнүн натыйжалуулугун төмөндөтөт.[69] БШК ошондой эле электрондук төлөм тиркемелери же накта акчалай шайлоо фонддоруна коюлган талаптарды айланып өтүү үчүн колдонулушу мүмкүн деп тынчсыздангандыгын билдирди. ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери тыюу салынган материалдык салым катары каралышы мүмкүн болгон ыктыярдуу эмгек жана операциялык чыгашалар билдирүүсүз орун алышы ыктымалдыгын жана округдун деңгээлинде текшерүүнүн чектелүү болушун белгилеп, аны менен бирге көзөмөл тутумундагы кемчиликтерди аныктап көрсөтүштү. Мыйзам иш-чарадан кийинки текшерүүнү талап кылат, бирок ал текшерүүнүн методологиясын жөнгө салбайт жана анын жыйынтыктарын жарыялоону талап кылбайт.[70]

Үгүт өнөктүгүн каржылоо эрежелерин бузуу үчүн жаза чаралары жалпысынан жазыктык, ал эми административдик чаралар чектелген жана түшүнүксүз бойдон калууда жана өнөктүк учурундагы катачылыктарды жоюу үчүн пропорционалдуу, баскычтуу системаны камсыз кылбайт.[71] Шайлоо мыйзамы БШКга талапкерлерди үгүт өнөктүгүн каржылоо эрежелерин бузгандыгы үчүн

---

66 2003-жылдагы БУУККнын 7.3-беренеси жана 2020 ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен колдонмолору үгүт каражаттарынын келип чыгышы жана бөлүштүрүлүшү боюнча маалыматты жарыялоого чакырат.

67 БШК отчеттордогу маалыматтардын банктын көчүрмөлөрү менен шайкештигин гана текшерет, бирок билдирилбеген каражаттарды пайдалануу же башка мыйзам бузууларды аныктоо боюнча иш жүргүзбөйт.

68 БШКнын №56 жобосуна жана Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 42-беренесине ылайык, БШКнын Текшерүү тобу кеминде жети мүчөдөн турат, анын ичине БШКнын кызматкерлери, укук коргоо жана каржылык эксперттер жана үгүт иштерин каржылоого көзөмөл жүргүзүү үчүн жооптуу башка мамлекеттик мекемелер кирет.

69 2020-жылдагы ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен колдонмолорунун (Биргелешкен колдонмолордо) 278-пунктунда “[…] мыйзамдарда текшерүү процессинин бардык кадамдары так көрсөтүлүшү керек” деп айтылат. Ошондой эле 2015-жылдагы ДИАУБдун кампанияны каржылоого байкоо жүргүзүү боюнча колдонмосунун 6-бөлүмүн караңыз.

70 Отчет жазылып жаткан маалда БШКнын Текшерүү тобу өткөрүлө турган аудиттин ыкмасын караштырып жаткан.

71 Административдик укук бузуулар жөнүндө кодексте үгүт өнөктүгүн каржылоодогу кадимки укук бузуулар үчүн конкреттүү административдик жаза чаралары белгиленбейт, анын ордуна жазалоо кеңири жазылган же кыйыр жоболорго таянат. “Шайлоо жөнүндө” мыйзамдын 62-беренеси жалган маалыматтарды берүү маселесин жөнгө салганы менен, отчетту кеч тапшыруу, майда бухгалтердик айырмачылыктар же банктык процедураларды техникалык түрдө сактабоо үчүн так административдик жаза чаралары каралган эмес. Иш жүзүндө, көзөмөл органдары каржыга байланышкан маселелерди чечүүдө маалымат тапшырбоо боюнча 61-беренесине же үгүт эрежелеринин бузуу боюнча 65-беренесине таянышы керек. Бул жоболор шайлоо фонддоруна түздөн-түз тиешелүү эмес болбогондугунан, аларды каржылык укук бузууларга колдонуу катышуучулар үчүн укуктук жактан так эмес болуп, алдын ала айтуу мүмкүндүгүн жокко чыгарат. Шайлоолор жөнүндө мыйзамдын 46-беренесинин 2-пунктунда үгүт каражаттарына кошумча каражаттар колдонулганда же чыгым белгиленген чектен ашкан учурда талапкерлерди каттоодон алып салуу каралган. Оор укук бузуулар Жазык кодексинин 197, 198-беренелерине кирет жана беш жылга чейинки эркинен ажыратуу жазасын карайт.

жоопкерчиликке тартууга уруксат берүү же тыюу салуу укугун ыйгарат.[72] Жетиштүү административдик чаралардын жоктугунан, жогорудагы жөнгө салуу жолдору, ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын буга чейинки сунуштарына жана эл аралык алдыңкы тажрыйбага карама-каршы келип, пропорционалдуу жана күтүлгөн чечимдерди чектеп, эреже бузуулардын потенциалдуу катуу жазаланышына же такыр жазасыз калышына алып келет.[73] Бул маселе уруксат берилген чыгымдардын чегинен 0,5 пайызга ашкандыгы үчүн талапкерлерди каттоодон чыгарууну караган акыркы пропорциоанлдуу эмес түзөтүүлөргө байланыштуу өзгөчө маанилүү.[74]

## Жалпыга маалымдоо каражаттары

ЖМКлардын абалы 2021-жылдан бери бир топ өзгөрдү жана ар түрдүүлүк белгилүү деңгээлде сакталганына карабастан, учурда тездик менен азайып баратат. Социалдык тармактар саясий маалыматтын негизги булагы болуп калды, андан кийинки орунду теле-берүү ээлейт.[75] 2022-жылы коомдук телерадиокомпания эл аралык тажрыйбага каршы улутташтырылып, Кыргызстандын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы (УТРК) болуп өзгөртүлгөн.[76]

Конституция сөз эркиндигин кепилдеп, цензурага тыюу салганы менен, ошол эле учурда бул эркиндиктерди чектөө үчүн өтө кенен же даана эмес негиздерди камтыйт. Андан тышкары Жазык кодексинде да кеңири жана бүдөмүк аныктамалар камтылган, учурда алардын негизинде журналисттердин куугунтукка алынышы күч алууда.[77] 2025-жылдагы Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө мыйзам, башка талаптар менен бирге, бардык ЖМКларды, анын ичинде онлайн ЖМКларды милдеттүү түрдө каттоону талап кылып, чет элдик катышууну 35 пайызга чейин чектеп, ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн жана ДИАУБдун айрым маанилүү

---

[72] Мисалы, 24-ноябрда БШК шайлоочулардын добушун сатып алды деген шек менен №30 округдагы талапкер Нурдиновго кылмыш ишин козгоо боюнча милициянын өтүнүчүн четке каккан.

[73] ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын 2020-жылдагы Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен колдонмолорунун 281-пунктунда “Коомдук бүтүндүктү бузган же улуттук коопсуздукка коркунуч келтириши мүмкүн болгон олуттуу укук бузуулар үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралганы менен (мисалы, чет элдик каржылоо учурунда), тараптардын каражаттарды туура эмес алуусуна же пайдалануусуна гана эмес […], ошондой эле жеке адамдардын эреже бузууларына да колдонулуучу бир катар административдик жазалар болушу керек”.

[74] Учурдагы чыгашалардын чегине ылайык, 500 еврого ашыкча акча сарптоо да каттоодон четтетүүгө алып келиши мүмкүн.

[75] 2023-жылдагы М-Вектордун Кыргызстандагы медиа керектөө боюнча отчетун караңыз. Санарип Кыргызстан: 2025 отчетуна ылайык, 2025-жылы өкөдө интернеттин жайылуусу 88,5 пайызды түздү. ЖМК чөйрөсүндөгү башка акыркы окуялар айрым маалымат каражаттарынын форматынын өзгөрүшүнө, мисалы, *НТС* телеканалынын жалпы багыттагы каналдан оюн-зоок форматына өтүшүнө, ошондой эле Кыргызстан менен Россия ортосундагы биргелешкен долбоор болгон “*Номад ТВ”* жаңы ЖМКнын ачылышына байланыштуу болгон. Бул ЖМК “Россия менен Кыргызстандын биргелешкен тарыхый-маданий байланыштарын, алардын өнүгүшүн жана эл аралык аренадагы ролун” чагылдырууга багытталган. Анын ачылыш аземине Россиянын жогорку даражалуу өкүлдөрү катышкан.

[76] 2023-жылы Биргелешкен Декларацияда сөз эркиндиги боюнча эл аралык мандат ээлери “баардык өкмөттүк же мамлекеттик маалымат каражаттары кечиктирбестен коомдук маалымат каражаттарына өзгөртүлүшү керек” деп баса белгилеген.

[77] БУУ РДЖКнын 2025-жылдын июль айындагы жыйынтыктоочу байкоолорунда “Жазык кодексинин өтө кеңири жана бүдөмүк жоболоруна” тынчсызданып, “[п]икир жана сөз эркиндигине карата катаал чектөөлөрдүн жана кээде адилетсиз интерпретациялардын алдын алуу «Мыйзам чыгаруучу база журналисттерди коркутуу, куугунтуктоо, камакка алуу үчүн колдонулбашы үчүн» Жазык кодексин, өзгөчө 278(3), 330, 326 жана 327-беренелерин карап чыгууну” сунуш кылды.. Медиа Полиси Институтунун маалыматы боюнча, 2024-жылы журналисттерге 330 (Расалык, этностук, диний жана башка кастыкты козутуу), 278 (Массалык баш аламандыкка чакыруу) жана 327 (Бийликти күч менен басып алууга чакырык) беренелеринин негизинде 13 кылмыш иши козголгон. 2025-жылы Канышай Мамыркулова 278 жана 330-беренелер боюнча айыпталып, төрт жылдык пробацияга жиберилген; Александр Александров жана Жоормарт Дуулатов (Kloop) Жазык кодексинин 278-беренесинин негизинде экөө тең беш жылга эркинен ажыратылган, ал эми 25-ноябрда өкүм кайра каралып чыгып үч жылдык пробацияга алмаштырылган. тута

сунуштарын эске албайт.[78] 2025-жылда Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекске киргизилген жалаа жабуу жана жалган маалымат таратуу үчүн жаңы айыптар пропорционалдуу эмес түрдө жогору аныкталган.[79] Кыргызстанда көз карандысыз ЖМКларды жөнгө салуучу орган жок болгондуктан Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине (ММСЖМ) ЖМКларга лицензия берүү жана чакырып алуу милдети жүктөлгөн. Эл аралык стандарттарга карама-каршы, "Анык эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө" мыйзам ММСЖМга соттун чечимисиз жарыяланган маалыматтарды алып салуу же веб-сайттарды жабуу мүмкүндүгүн берет.[80] Жалпысынан алганда, ЖМКларды көзөмөлдөөчү мыйзамдык база эл аралык милдеттенмелерге жооп бербейт.[81]

ЖМК кызматкерлеринин куугунтукка алынышы, көз карандысыз маалымат каражаттарынын жабылышы жана ашыкча чектөөчү мыйзам базасы жалпысынан медиа эркиндигине байкалган терс таасирин тийгизип, натыйжада кеңири жайылган өзүн-өзү цензуралоого жана көз карандысыз журналистиканын олуттуу кыскарышына алып келди.[82]

Үгүт иштерине байланыштуу жаңылыктар өзүнчө блокто, комментарийсиз берилиши керек. ЖМК талапкерлердин, саясий партиялардын ар-намысына, кадыр-баркына же аброюна шек келтирген же каралоочу маалыматтарды жарыялоо үчүн жоопкерчиликке тартылат. ДИАУБдун мурунку сунуштарына карабастан, мыйзам жоболоруна эрежелердин тар чечмеленишине жол бербөө үчүн өзгөртүүлөр киргизилген эмес, бул иш жүзүндө талапкерлердин үгүт өнөктүктөрүнүн жаңылыктарда чагылдырылбашына алып келди. Натыйжада, процедуралык аспектилерди жана шайлоого байланыштуу эреже бузууларды чагылдыруудан тышкары, үгүт иштери жалаң гана акы төлөнүүчү каражаттар аркылуу чагылдырылып, шайлоочулардын маалыматтуу тандоо мүмкүнчүлүгүн чектеген.

Мамлекет тарабынан каржыланган телерадиокомпаниялар мыйзамга ылайык катталган талапкерлерге акысыз эфир убактысын бөлүп беришкен, бирок талапкерлер, өзгөчө каражаттары көп болгондор, көрүүчүлөрдүн саны жана таасири чектелүү болгондуктан, аны

---

78 ЕККУнун РФМ /ДИАУБ ЖМК жөнүндө мыйзам долбоору боюнча биргелешкен корутундусун караңыз. МКБКга №34 Жалпы эскертүүнүн 39-пунктунда ЖМКны жөнгө салуучу органдын көз карандысыздыгынын зарыл критерийлери сунушталат.

79 Айыппулдар жеке адамдар үчүн 20 000 сомдон (200 евродон) юридикалык жактар үчүн 65 000 сомго чейин (айрымча 650 евро) жана 2025-жылга карата орточо эмгек акы 42 757 сомду (428 евро) түзөт, ал эми 2024-жылы 36 000 сом (36 000 евро) болгон.

80 ЖСУЭПке №34 Жалпы комментарийдин 43-пунктунда “[а] веб-сайттардын, блогдордун же башка интернетке негизделген, электрондук же башка ушул сыяктуу маалымат таратуу тутумунун иштешине кандайдыр бир чектөөлөр” ЭКСПКнын 19-беренесин бузбаган өлчөмдө гана жол берилет деп айтылат.

81. ЕККУнун Министрлер кеңешинин №3 Журналисттердин коопсуздугу боюнча чечими мамлекеттерди медиа эркиндигине тиешелүү мыйзамдарын, саясатын жана практикасын өздөрүнүн эл аралык милдеттенмелерине толугу менен шайкеш келтирүүгө чакырат.

82 Адам укуктары боюнча Жогорку комиссардын кеңсеси Кыргызстандык журналисттерди “массалык баш аламандыкка чакырган” деген айып менен эркинен ажыратуу тууралуу тынчсыздануусун билдирген жана бул куугунтуктоолорду “процесс жана соттук териштирүүнүн адилеттүүлүгү ишеним жаратпайт” деп сындаган. 27-октябрда үч ЖМК (*Kloop kg, Temirov Live* жана *Айт Айт Десе*) экстремисттик деп табылып, алардын Кыргызстандагы ишмердүүлүгүнө сот тарабынан тыюу салынган. 2025-жылдын июль айында *“Апрель”* телеканалы *өкмөтту* “деструктивдүү” жана “терс” чагылдырганы үчүн жабылган. Буга чейин 2022-жылы Темиров мырза, журналист жана *Temirov Live* сайтынын негиздөөчүсү Кыргызстандын жарандыгынан ажыратылган. 2024-жылдын январында *Темиров Live* сайтынын *он бир* журналисти, анын ичинде Темировдун жубайы жана *Айт Айт Десе* медианын түптөөчүсү Махабат Тажибек да камакка алынган. ДИАУБ ШБМдын бир нече маектештери ошондой эле курч темаларды түз цензуралоо тууралуу маалымат беришти.

пайдаланбоону чечишкен.[83] Талапкерлердин көптүгүнө байланыштуу эфирдик убакыт эки мамлекеттик телерадиокомпаниянын, УТРК менен ЭлТРдин жана алардын аймактык бөлүмдөрүнүн ортосунда бөлүштүрүлдү.[84] ДИАУБдун буга чейинки сунуштарына карабастан, ЖМКлар талапкерлерге тең шарттарда берилүүгө тийиш болгон акы төлөнүүчү жарнактарды көрсөтүү үчүн аккредитациядан өтүүгө милдеттүү болушкан. ЖМКларды жөнгө салуучу орган жоктугуна байланыштуу, ЖМКдагы үгүт өнөктүктөрдүн мыйзамдуулугун БШК көзөмөлдөйт жана эреже бузуулар үчүн ЖМКнын аккредитациясын жокко чыгаруу укугуна ээ.[85]

ДИАУБ ШБМдин ЖМКларга байкоо жүргүзүүсү үгүт өнөктүгүнүн эрежелерин бузууну чагылдыруудан сырткары, талапкерлер жаңылыктарда жана актуалдуу берүүлөрдө чагылдырылбаганын аныктады.[86] Байкоого алынган телерадиокомпаниялар мамлекеттик бийлик органдардын, негизинен Президенттин жана анын администрациясынын, Министрлер кабинетинин, Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин (УКМК), жана ошондой эле БШКнын ишмердүүлүгүн позитивдүү же бейтарап өңүттө кеңири чагылдырышты.[87] Онлайн порталдар, ошол сыяктуу эле, негизинен бийликти жана БШКны процесстин процедуралык аспектилери боюнча оң же бейтарап өңүттө чагылдырышты.[88] Шайлоочулар үчүн кеңири маалымат кампаниясы жүргүзүлдү. ДИАУБ ШБМдин маектештери маалымат каражаттары өлкөнүн өнүгүүсү боюнча терс жаңылыктарды жана башка айрым талаштуу маселелерди

---

[83] Мамлекет тарабынан каржыланган онлайн ЖМКлардын акысыз эфир менен камсыз кылуусуна байланыштуу укуктук жоболор түшүнүксүз. *"Kabar.kg"* мамлекеттик агенттиги талапкерлерге акысыз эфир берген эмес, муну БШКнын жобосунун жоктугу жана талапкерлердин кызыкдар болбогондугу менен түшүндүргөн. Мыйзам муну ачык жөнгө салбайт жана БШК ДИАУБ ШБМге акысыз эфир графиги талапкерлер кызыгуусун билдирген учурда ЖМК тарабынан түзүлөрүн билдирди. Мамлекеттик басылмалар тарабынан милдеттенмелердин аткарылышынын белгисиздиги басма сөз каражаттарынын мыйзамдуу менчигинин жана каржылоо моделдеринин ортосундагы айырмачылык менен түшүндүрүлөт.

[84] 8-ноябрда шайлоо бюллетендеринин тартиби жана эфир убактысын бекер бөлүштүрүү боюнча биргелешкен чүчү кулакта, шайлоо комиссиялары эфир убактысын талапкерлерге бөлүштүрүп, жеке баяндамаларга 5 мүнөттөн жана дебаттарга катышууга 25 мүнөттөн берилген. ДИАУБ ШБМ акысыз эфир убактысын бөлүштүрүүдө ар кандай ыкмаларды байкады: кээ бир учурларда жободо белгиленгендей, ар бир талапкер үчүн өзүнчө чүчү кулак өткөрүлдү, ал эми башка учурларда ар кандай процедуралар иштелип чыккан (мисалы, шайлоо бюллетениндеги талапкерлердин ээлеген ордунун негизинде).

[85] БШК үгүт өнөктүгүн ЖМКларда чагылдырууга системалуу мониторинг жүргүзгөн эмес. БШКнын үгүт иштери боюнча жумушчу тобу билдирүүлөрдүн негизинде ЖМКлардагы үгүт иштеринин жүрүшүнө көзөмөл жүргүздү. Бардыгы болуп 5 ЖМКга айып салынды: 22-октябрда Талас УТРКсына үгүт иштерине байланыштуу эрежелерди бузгандыгы үчүн 28 миң сом айып салынды; 13-ноябрда «Азия Ньюс» гезити жана *«Арыба» интернет-ресурсу* талапкерлердин ар-намысына, кадыр-баркына же аброюна шек келтирген же каралоочу маалыматтарды жарыялаганы үчүн ар бири 17 500 сомдон айыпка жыгылды; 20-ноябрда *«Жаш* FM» ЖЧКсына (Т-Медиа телеканалы) бир талапкердин баннери жаңылыктардын фонунда пайда болгондугу үчүн талапкерлердин бирдей мүмкүнчүлүктөрүн бузгандыгы үчүн 28 миң сом айып салынды. 29-ноябрда *new.kg* талапкердин чет элдик саясий ишмерлеринин элесин колдонгон акы төлөнгөн өнөктүк материалдарын көрсөткөнү үчүн 7500 сом айып тарткан.

[86] ДИАУБ ШБМ *УТРК, Ала Тоо 24, ЭлТР, 7-канал* жана *Регион ТВ* телеканалдарынын прайм-тайм берүүлөрүнө, ошондой эле *akipress.kg, azattyk.kg, Kaktus.Media, 24.kg, superkg, superkg, superkg* онлайн ресурстарына мониторинг жасады. Өнөктүк учурунда карата жаңылыктар жана актуалдуу программаларда талапкерлердин чагылдырылышы 0,21 пайызды түздү, бул үгүт учурундагы мыйзам бузуулар боюнча бир нече билдирүүнүн жыйынтыгында пайда болду.

[87] Маселен, мониторингге алынган бардык маалымат каражаттары берген маалыматтын 33 пайыздан 54 пайызга чейини президентке арналган. *Регион ТВ* 30 пайыз берүүсүн УКМКга, ал эми *7-канал* 45 пайыз берүүсүн министрлер кабинетине арнаган.

[88] Процедуралык маселелерден тышкары талапкерлер чагылдырылган жалгыз байкалган учур — *Акипресс* тарабынан талапкерлердин бийлик өкүлдөрү менен байланыштарын чагылдырган үч макала болду. Өнөктүктүн акыркы күнү Кактус медиа талапкерлердин өнөктүккө сарптаган каражаттары жөнүндө макала чыгарды.

жаңылык программаларында чагылдыруудан алыс болуу боюнча көрсөтмөлөрдү алгандыгын айтышты.[89]

ДИАУБдун акы төлөнүүчү жаңылыктарга тыюу салуу тууралуу мурунку сунуштарына карабастан, талапкерлер тууралуу материалдар акысыз жана акы төлөнүүчү эфирдик убакытта, анын ичинде акы төлөнүүчү жаңылык сегменттеринде берилген.[90] *ЭлТР*, *УТРК* жана алардын жергиликтүү бөлүмдөрүндөгү дебат программалары талапкерлер өзүн көрсөтүп, бири-бири менен баарлаша ала турган жалгыз аянтча болгон, бирок айрым талапкерлер бул форматты натыйжасыз деп эсептеп, жалпысынан катышууну каалабагандыкка алып келген.[91] Аял талапкерлер акысыз эфирдик убакыттын 33 пайызын ээлешти. Дебаттардын жүрүшүндө сурдо-котормо берилген жок. Веб-сайттардагы акы төлөнүүчү контент 1 пайыздан азды түздү.

## Шайлоо талаш-тартыштарын чечүү

Шайлоо администрациясынын, мамлекеттик органдардын жана талапкерлердин чечимдерине, аракеттерине же аракетсиздигине даттанууга мүмкүн. Шайлоону уюштурууга карата даттануулар иерархиялык тартипте каралат жана Бишкек шаарынын административдик сотуна даттанылышы мүмкүн, ал эми андан ары кассациялык тартипте Жогорку Сотко кайрылса болот. Даттануулар жана арыздар мөөнөтүнөн мурда шайлоо учурунда тездетилген мөөнөттө жана шайлоо күнү токтоосуз түрдө берилиши жана каралышы керек. Бул мөөнөттөр арыз берүү үчүн жетишсиз жана эл аралык алдыңкы тажрыйбага карама-каршы келет.[92] БШКга даттанууларды анын сайты аркылуу онлайн тапшырса болот, бирок соттук териштирүүнү баштоо үчүн онлайн система жок.

2025-жылдагы түзөтүүлөр натыйжалуу укук коргоо каражаттарына жеткиликтүүлүктү андан ары чектеди, анткени саясий партиялардын шайлоонун жыйынтыгын талашуу укугу жоюлуп, мындай чакырыктар талапкерлерге, алардын өкүлдөрүнө жана байкоочуларына калтырылды.[93] Шайлоо талаш-тартыштарында кеңири позицияны колдогон эл аралык тажрыйбага жана ДИАУБдун

---

89 Бул көрсөтмөлөр кеңири таралган айрым бийлик өкүлдөрүнүн журналисттер менен редакторлор жазылбаган көрсөтмөлөрдү аткаруусун камсыздоо максатында, анын ичинде үгүт өнөктүгү учурунда, «профилактикалык телефон чалууларды» жасоосу менен бекемделген.

90 Талапкерлерди акы төлөнүүчү программаларда чагылдыруу, акы төлөнүүчү жаңылык жана акы төлөнүүчү интервьюларды кошуп, 8 пайызды азды түздү. Акы төлөнүүчү маалымат программаларына мониторинг *Регион ТВда* жүргүзүлдү. Акы төлөнүүчү жарнактарды аныктоо кээде оңой эмес болгон. Мисалы, *Регион ТВ* 25- ноябрда талапкер менен 45 минуталык акы төлөнгөн интервьюну, андай экенин ачык көрсөтпөй обого чыгарган.

91 Дебаттар байкоого алынган жалпы программалардын 23 пайызын түздү; ДИАУБ ШБМ 14 дебатка мониторинг жүргүздү. Айрым талапкерлер ДИАУБ ШБМга бул формат маңыздуу пикир алмашуу үчүн ылайыктуу эместигин маалымдашты, анткени мыйзам акысыз эфирдик убакытта башка сынактын катышуучуларын сынга алууга тыюу салат жана талапкерлерге чагымчыл суроолорду бербөө сунушталат. Мониторинг жүргүзүлгөн дебаттарга катталган талапкерлердин жарымынан азы катышты. УТРКда дебаттар обого кечинде чыгарылып, бир дебат түн жарымдан 28 минута өткөндө көрсөтүлгөн, бул мыйзам жоболоруна каршы чыккан, анткени мыйзам боюнча акысыз эфир убактысы кечки сегизден түн жарымга чейин берилиши керек.

92 Шайлоо мыйзамына ылайык, мөөнөтүнөн мурда шайлоодо бардык шайлоо иш-чараларынын мөөнөтү үчтөн бирине кыскартылат, бул даттанууларды берүүнүн жана чечүүнүн кезектеги 3 күндүк мөөнөтүн 2 күнгө, 5 күндүк кассациялык мөөнөтүн 3 күнгө чейин кыскартат. 2002-жылы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча жакшы тажрыйбалар кодексинин II.3.3.g пункту жана анын чечмелөө декларациясы сунуштайт: "[ …] мөөнөттөр даттанууну мүмкүн кылуу, коргоо укуктарын ишке ашырууну жана чагылдырылган чечимди кабыл алуу үчүн жетиштүү узун болушу керек. шайлоо алдында кабыл алынган».

93 ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 5.10-пунктунда "ар бир адам негизги укуктардын сакталышын жана укуктук бүтүндүктү камсыз кылуу үчүн административдик чечимдерди кайтаруунун эффективдүү каражатына ээ болот" деп айтылат.

мурунку сунуштарына карама-каршы келгени - шайлоочулар, ал тургай, акылга сыярлык кворум менен да, жыйынтыктарды талаша албайганы.[94]

БШК ачык-айкындуулукка өбөлгө түзгөн арыздардын жана эреже бузуулар жөнүндө отчеттордун онлайн реестрин жүргүздү; бирок көптөгөн чечимдер кечигүү менен жүктөлгөн. 29- ноябрга карата катталган 142 арыздын 102 БШК тарабынан каралып чыккан. [95]БШК 48 иш боюнча административдик айып салган. БШКнын талаш-тартыштар боюнча отурумдары ачык-айкындуулукту жана тараптарга өз иштерин алып чыгуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылганына карабастан, *иштердин* көбү *жабык түрдө каралгандыктан, өзгөчө чара* көрүүгө алып келбеген иштер,[96] процессуалдык кепилдиктер азайган [97].

БШКнын даттануулар боюнча чечимдерди кабыл алуусунда үгүт эрежелерин чечмелөө бир түрдүү болгон эмес[98] жана кээ бир учурларда тар, өзгөчө шайлоого байланыштуу маселелер боюнча, анын ичинде жеке кат алышуулар боюнча сөз эркиндигине тиешелүү учурларда тар болгон.[99] БШКнын чечимдери негизинен Талаштарды чечүү боюнча жумушчу топтун сунуштарына таянып, чектелген фактылык жана юридикалык жүйөлөрдү сунуштаган жана келтирилген укуктук ченемдерди иштин маңызына ылайыктуулугу боюнча негиздемелерди келтирбей койгон, бул укуктук тактыкка жана натыйжалуу даттануу мүмкүнчүлүгүнө доо кетирген.[100] Жалпысынан, БШК үгүт эрежелерин тыюу салынган аракеттердин чөйрөсүн кеңейткен таризде колдонуп, эл аралык стандарттарга каршы түрдө үгүттү жөнгө салуу менен негизги эркиндиктерди коргоо ортосундагы зарыл тең салмактуулукту ар дайым сактап тур а

---

94 ЭКСПКнын 25-беренеси жана ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 5.10-пункту_саясий укуктар-дын бузулушунун эффективдүү каражаттарына укугун гарантиялайт. Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча жакшы тажрыйбалар кодексинин II.3.3f пункту "[а] тиешелүү шайлоо округунда катталган бардык талапкерлер жана шайлоочулар даттанууга укуктуу. Шайлоочулардын шайлоонун натыйжалары боюнча даттануусу үчүн негиздүү кворум белгилениши мүмкүн" деп сунуштайт.

95 БШКнын онлайн реестринде катталган билдирүүлөр негизинен укук коргоо органдарынан, социалдык тармактарга мониторинг жүргүзүүдөн, БШКнын ишеним телефонунан жана талапкерлерден келип чыккан, алар мөөнөтүнөн мурда жана мыйзамсыз үгүт иштерин жүргүзүү, материалдарды бузуу же алып салуу, жашы жете электерди үгүт иштерине тартуу, диний жайларда үгүт иштерин жүргүзүү, кызматтык ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу жана жалган же кадыр-баркына шек келтирген маалыматтарды таратууга тиешелүү.

96 БШК пленардык жыйында карoo үчүн даттануулар жана мыйзам бузуулар боюнча консультациялык корутундуларды даярдоо үчүн даттануулар жана үгүт иштери боюнча ички жумушчу топторун түздү. ДИАУБ ШБМге Жумушчу топтордун жолугушуулары тууралуу дайыма эле маалымат берилген эмес. БШК борбордук жана райондук деңгээлдеги укук коргоо органдары менен ыкчам аракеттенүү боюнча координациялык топту координациялады.

97 Жалпысынан 46 административдик айып салынды, анын ичинде үгүт иштеринин шарттарын бузгандыгы үчүн жеке жактарга 32 айып пул, талапкердин аброюна шек келтирген атайылап жалган маалымат тараткандыгы үчүн 9 айып, жалпыга маалымдоо каражаттарына 4 айып (экөө үгүт шарттарын бузгандыгы үчүн жана экөө талапкердин абийирине, кадыр-баркына шек келтиргендиги үчүн айыппул жана БШКнын ишмердүүлүгүнө карата айыппул 1), чечим. БШК дагы 3 жолу эскертүү берди.

98 БШК өзүнүн 1404-чечиминде талапкердин кесиптик ишмердүүлүгүнө же кызматтык милдеттерин аткаруусуна байланыштуу маалымат таратылган учурда эскертүү берсе, башка чечимдеринде ушул сыяктуу укук бузуулар үчүн БШК башкача мамиле кылуунун так негиздемесин келтирбестен административдик айып пул салган.

99 Булар шайлоо алдындагы үгүт иштерине ачык байланышы жок болгонуна карабастан, жеке онлайн байланыштар үгүт катары каралган учурларга тиешелүү болгон. Көптөгөн учурларда БШК жеке Facebook же Instagram аккаунттарындагы социалдык медиа билдирүүлөрүн талапкерди колдоо катары чечмелеп, мыйзамсыз үгүт катары классификациялап, талапкерликтен алып салган же айып пул салган. Мисалы, БШК талапкердин жолугушуусу тууралуу жергиликтүү WhatsApp топторунда аудио билдирүү жөнөткөн адамга айып пул салган. Ал үгүт иштерин жүргүзүү ниетин четке кагып, билдирүүнү өчүрүп салган. БШК жөнөтүлгөн билдирүүнү мыйзамсыз үгүт иштери деп эсептеген.

100 Мисалы, добуштарды сатып алуу боюнча жазыктык кол тийбестик маселелеринде БШК өз чечиминин негиздемесин келтирбестен үч талапкерди куугунтуктоого уруксат берген, ал эми ушул сыяктуу эле өтүнүчтү четке кагуу жеткиликтүү далилдерге шилтеме жасаган кыскача маалыматка гана таянган.

алган жок.[101] БШКнын шайлоо өнөктүгүнүн мыйзам бузуулары боюнча бир да чечиминде даттануу жолдору көрсөтүлгөн эмес жана ДИАУБ ШБМ мындай даттануулардын бирин да аныктай алган жок.[102]

Административдик сотко талапкерлерди каттоо боюнча 12 арыз түшкөн, алардын тогузу негизи боюнча канааттандырган жок, дагы 2 арыз кабыл алынгыс деп табылган. [103] Апелляцияга жиберилген сегиз өкүмдү Жогорку Сот күчүндө калтырды. Угуулардын графиги көп учурда жаңыртылган эмес жана Административдик соттун шайлоого байланыштуу чечимдери өз убагында жарыяланган эмес, ал эми Жогорку Соттун чечимдери шайлоо күнүнө чейин жарыяланбай калып, ачык-айкындуулукту чектеген. ДИАУБ ШБМга жеткиликтүү болгон чечимдер структуралаштырылган жана юридикалык шилтемелер менен камсыздалган, бирок фактыларга формалдуу баа берилген жана талашка түшкөн административдик чаралардын мыйзамдуулугун жана пропорциялуулугун [104]талдоодон карманган.

Жазык кодексинде шайлоого байланыштуу кылмыштын беш түрү көрсөтүлгөн, алар Башкы прокурордун юрисдикциясына кирет.[105] Учурда укук коргоо органдары добуштарды сатып алуу фактысы боюнча[106] тогуз кылмыш ишин козгоду.

### Жарандык жана эл аралык байкоочулар

Мыйзам шайлоого жарандык жана эл аралык байкоо жүргүзүүнү камсыздайт. Шайлоо маселелери же адам укуктары боюнча мыйзамда белгиленген мандаты бар жарандык коом уюмдары шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн аккредитация ала алышат. Жарандык байкоочулар үчүн аккредитациядан өтүүнүн мөөнөтү жок. Талапкерлер, саясий партиялар да өз өкүлдөрүн жана байкоочуларын жиберүүгө укуктуу.

ДИАУБ ШБМдин бир нече маектештери, негизинен, каржылоонун чектелүүсүнөн жана ички шайлоого байкоо жүргүзүүнү саясий ишмердүүлүк катары аныктаган жана чет өлкөлүк каржылоону алган ЖКУлардын "чет элдик өкүл" катары катталышын талап кылган акыркы мыйзамдык өзгөртүүлөрдөн улам, бул шайлоого жарандардын байкоо жүргүзүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө кооптонуусун айтышты. Кээ бир маектештер ошондой эле ДИАУБ

---

101 ЖСУЭПтин 19-беренеси; БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешинин 1996-жылдагы №25 жалпы комментарийи жана №34 жалпы комментарийи мамлекеттерден сөз эркиндигин кепилдөөнү жана ар кандай чектөөлөрдүн мыйзамдуу жана пропорционалдуу болушун камсыз кылууну талап кылат. Шайлоочулардын, талапкерлердин жана шайланган өкүлдөрдүн ортосунда коомдук жана саясий маселелер боюнча маалымат жана идеяларды эркин алмашуу урматталышы керек.

102 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 5.11-пункту «Адамга каршы административдик чечимдер толук негиздүү болууга жана эреже катары, жеткиликтүү болгон демейки коргоо каражаттарын көрсөтүүгө тийиш» деп айтылат.

103 Экөө арызды тапшыруу мөөнөттөрүн сактабагандыгы үчүн кабыл алынбайт деп табылды; бири жарым-жартылай канааттандырылды, экөөсү кеч тапшырылгандыгы үчүн кабыл алынбайт деп табылды, ал эми бир учурда сот БШКнын чечимдерин жокко чыгаруу өтүнүчүн кайтарып, БШКны каттоону жокко чыгарууга мажбурлоо өтүнүчүн кабыл алуудан баш тартты.

104 1966-жылдагы МКБКнын 2.3-беренеси ар бир мамлекеттен "укуктары же эркиндиктери бузулган ар бир адамда эффективдүү коргоо каражаты болушу керек" жана "компетенттүү органдар мындай коргоо чаралары берилгенде ишке ашырылышы керек" деп кепилдик берүүнү талап кылат. ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 5.10-пунктунда "ар бир адам негизги укуктардын сакталышын жана укуктук бүтүндүктү камсыз кылуу үчүн административдик чечимдерди кайтаруунун эффективдүү каражатына ээ болот" деп айтылат.

105 Кылмыш-жаза кодексинде белгиленген шайлоого байланыштуу беш кылмыш курамы төмөнкүлөрдөн турат: шайлоо укуктарын ишке ашырууга тоскоолдук кылуу (195-берене), шайлоочуларды парага сатып алуу (196-берене), шайлоо кампаниясын каржылоо тартибин бузуу (197-берене), шайлоо же референдумдар маалында каражаттарды мыйзамсыз колдонуу (198-берене), жана шайлоо документтерин жасалмалоо (199-берене).

106 Үч учурда БШК катталган талапкерди жоопкерчиликке тартууга макулдук берип, кийин ал талапкерлигин алып салган. Экинчиси азырынча каттала элек талапкерге тиешелүү.

ШБМге ЖКУлар байкоо иштерине катышкандыгы үчүн жазалануудан коркушу мүмкүн экенин айтышты. Натыйжада, бул шайлоолордо жарандык байкоо дээрлик жок болуп, жарандык коомдун коомдук турмушка катышуу мүмкүнчүлүгү бир топ төмөндөдү.[107] БШК 788 эл аралык байкоочуну жана ар бири бирден байкоочуну дайындаган 2 жарандык коом уюмун аккредитациялады.

## Шайлоо күнү

Шайлоо күнү жалпысынан тынч жана тартиптүү өттү. ЭШБМ 142 шайлоо участогунда ачылыш процессине, 1199 шайлоо участогунда добуш берүүгө жана 118 шайлоо участкасында добуштарды эсептөөгө байкоо жүргүздү. Аялдар ШБМ байкоо жүргүзгөн УШКларда жакшы өкүлдүк кылышты жана 79% төрагалык орунду ээлешти. Тең укуктуулуктун конституциялык кепилдиктерине карабастан, тилекке каршы, байкоого алынган шайлоо участкаларынын 42 пайызы физикалык жактан мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочуларга өз алдынча кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган эмес, ал эми 21 пайызында участоктордун жайгашуусу мындай шайлоочулар үчүн ылайыктуу эмес болду. [108]Кошумчалай кетсек, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 21 пайызы көрүүсү начар шайлоочулар үчүн көмөкчү шаймандар менен жабдылган эмес.

Ачылыш байкоого алынган 142 шайлоо участкасынын 131инде оң бааланды. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын үчтөн биринен көбүндө болгон кечигүүлөр добуш берүү үчүн жаңы жабдууларды даярдоодогу кыйынчылыктар менен түшүндүрүлгөн; 3 учурда кечигүү жарым сааттан ашык болгон. ЭШБМ байкоочулары кээ бир процедуралык каталарды, анын ичинде үкөктөр мөөр басылганга чейин бош экенин көрсөтүлбөгөн 13 учурду, УШКнын тапшырмалары үчүн чүчүкулак кармалбаган 45 учурду жана УШКлар нөлдүк саноо протоколун басып чыгарбаган 6 учурду белгилешти. Шайлоочуларды идентификациялоочу аппаратты жана бюллетенди сканерлөөчү аппаратты орнотууда кыйынчылыктардын тиешелүү түрдө 16 жана 37 учуру катталды, ал эми 13 учурда шайлоо бюллетендеринин сканери шайлоо участкаларынын ачылышында иштебей калган.

ЭШБМ байкоочулары жалпысынан 1323 байкоонун 96 пайызында добуш берүүгө оң баа берип, добуш берүү процессин ачык деп мүнөздөштү. Терс баа берүү негизинен добуш берүүнүн купуялуулугу жана технологияны колдонууга байланышкан процедуралык маселелер менен шартталган. Талапкерлер тарабынан жиберилген байкоочулар байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 95 пайызында болушкан. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 40 пайызында ыйгарым укуксуз адамдар, негизинен милиция жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрү катышып, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 4 пайызында УШКнын ишине кийлигишүү болгон.

[107] ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 8-пунктунда “катышуучу мамлекеттер чет өлкөлүк да, жергиликтүү да байкоочулардын катышуусу шайлоо өтүп жаткан мамлекеттердин шайлоо процессин жакшыртат деп эсептейт” деп айтылат. 2002-жылы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча жакшы тажрыйбалар кодексинин 3.2.а пунктунда “улуттук да, эл аралык да байкоочуларга шайлоого байкоо жүргүзүү машыгуусуна катышууга мүмкүн болушунча кеңири мүмкүнчүлүк берилиши керек” деп айтылат.

[108] Конституцияда (24-берене) эч ким майыптыгы боюнча басмырланбайт деп жазылган. Кошумчалай кетсек, 2025-жылдагы «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» мыйзамда мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн бирдей укуктар, анын ичинде шайлоо участкаларынын, шайлоолор боюнча материалдардын жана маалыматтардын жеткиликтүүлүгү каралган. Майыптардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 9 -беренесинде мындай деп айтылат: “Майыптарга өз алдынча жашоого жана жашоонун бардык аспектилерине толук катышууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн катышуучу-мамлекеттер майыптардын башкалар менен бирдей негизде физикалык чөйрөгө, транспортко, маалыматка жана байланышка, анын ичинде маалымат жана коммуникация объектилерине жана системаларына жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн тийиштүү чараларды көрүшөт.»

Процедуралар негизинен байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын көпчүлүгүндө сакталган. Бирок ЭШБМдин байкоочулары байкоо жүргүзгөн шайлоо участкаларынын 18 пайызында үкөккө туура мөөр басылбаганын билдиришти. Идентификациялоочу шаймандар шайлоочуну аныктай албай калган учурлардын 78 пайызында УШК мүчөлөрү туура анкетаны толтурушкан эмес. ЭШБМдин байкоочулары байкоо жүргүзгөн шайлоо участкаларынын 27 пайызында айрым шайлоочуларга добуш берүүгө уруксат берилген эмес, себеби алар шайлоочулардын тизмесинде жок болгон. ЭШБМдин байкоочулары тарабынан айтылган олуттуу процедуралык кемчиликтерге байкоо салынган шайлоо участкаларында топтук добуш берүүнүн 16 учуру, бир нече жолу добуш берүүнүн 13 учуру жана ишеним кат менен добуш берүүнүн 7 учуру кирген. ЭШБМдин байкоочулары шайлоо участкаларынын айланасында 9 учурда добуштарды сатып алуу белгилерин байкашкан.

ЭШБМдин байкоочулары добуш берүү технологиялары байкоо жүргүзүлгөн дээрлик бардык шайлоо участокторунда толук жана талаптагыдай иштеп жатканын аныкташкан. Бирок байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 8 пайызында байланыш көйгөйлөрү байкалса, 2 пайызында бюллетендерди сканерлөөчү аппарат иштебей калган. Байкоочулар операторлор жана УШК мүчөлөрү шайлоочулардын биометрикалык маалыматтарын ырааттуу текшерип турганын жана байкоолордун басымдуу көпчүлүгүндө шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жетиштүү болгонун аныкташкан.

ЭШБМдин байкоочулары добуш берүүнүн купуялуулугуна байланыштуу айрым маселелерди билдиришти. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 36 пайызында кабиналардын дизайны жана жайгашуусу добуш берүүнүн купуялуулугуна шек келтирген, ал эми 5 пайызында добуш берүүнү өткөрүүгө шайкеш келген эмес. Дагы 4 пайызында бардык шайлоочулар өз бюллетендерин жашыруун белгилешкен эмес, ал эми 5 пайызында шайлоочулардын чогулуп калышы байкалган. ЭШБМдин байкоочулары үгүт материалдарынын байкоого алынган шайлоо участкаларынын болжол менен 2 пайызында көргөнүн билдиришкен.

Добуштарды саноого ЭШБМ байкоо жүргүзгөн 118 шайлоо участкасынын 44үндө терс баа берилди, бул негизинен белгиленген процедуралардын сакталбагандыгынан жана процесстин ачыктыгына терс таасирин тийгизген олуттуу процедуралык каталар менен кемчиликтерден улам болду. 73 шайлоо участогунда ыйгарым укуксуз адамдар, негизинен милиция кызматкерлери жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрү болсо, 14 учурда комиссиянын ишине жетекчилик кылуу же кийлигишүү, ал эми 13 шайлоо участкасында добуштарды саноого түздөн-түз кийлигишүү байкалган.

ЭШБМдин байкоочулары көп учурда кол менен саноого чейинки жана андан кийинки негизги процедуралык чаралар толук аткарылбаганын жана 30га жакын учурда кол менен саноо жүргүзүлбөй, жыйынтыктар электрондук түрдө түзүлгөн протоколдун негизинде гана киргизилгендигин тынчсызданнуу менен белгилешти. 26 учурда добуш берген шайлоочулардын саны шайлоочулардын тизмесиндеги шайлоочулардын колдорун эсептөө менен аныкталган эмес. 13 учурда шайлоочулардын колунун саны ыраcтоочу баракчалардын санына дал келген эмес. 23 учурда УШКлар шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин санын эсепке алуу боюнча акт түзүп, кол коюшкан эмес. Бардык катышуучуларга шайлоо үкөктөрүнүн пломбаларын алар ачылганга чейин көрсөтүлбөгөн же контролдук барактары көрсөтүлбөгөн учурлар, тиешелүү түрдө, 27 жана 29 жерде байкалган.

Кол менен саноодо бюллетендер бир-бирден саналбай, ар бир бюллетендеги тандоо жарыяланып, 73 шайлоо участогунда катышкандардын баарына көрсөтүлгөн эмес, ал эми байкоо жүргүзгөн 30 шайлоо участкасында кол менен эсептөөнүн негизинде протоколдор толтурулган эмес. 26 учурда шайлоо бюллетендеринин жарактуулугу негиздүү түрдө аныкталган эмес, алардын ичинен 17 учурда УШКлар өз аныктамаларында ырааттуу эмеcтикти көрсөтүшкөн. ЭШБМдин

байкоочулары 21 шайлоо участкасында кол менен саноо менен басылып чыккан жыйынтыктардын ортосунда айырмачылыктар бар экенин, 5 учурда протоколдордогу цифралар дал келбегенин билдиришти. 55 учурда протоколдор мыйзамдын талабына ылайык, коомчулукка жарыялоо үчүн илинген эмес. 21 учурда расмий протоколдорго УШК мүчөлөрү тарабынан алдын ала кол коюлганы аныкталган. Ошол эле учурда байкоочулар шайлоочулардын тизмесиндеги жазууларды, жыйынтыктарды же протоколдорду атайылап бурмалоо белгилерин көрүшкөн эмес.

Мыйзам боюнча, жыйынтыктарды таблицага киргизүү 30 ОШКда жүргүзүлөт. Шайлоо күнүнө чейин БШК УШКдан шайлоо материалдарын жеткирүүнү жеңилдетүү үчүн АШКнын имараттарын суб-ОШК түйүндөрү катары колдонгон эки баскычтуу кабыл алуу системасы болорун ЭШБМга билдирди.[109] Бирок БШКнын түшүндүрмөсүнөн айырмаланып, ЭШБМ байкоочулары суб-ОШКлардын дээрлик жарымында ОШКнын мүчөлөрү материалдарды алуудан тышкары, протоколдордогу цифраларды текшерүү жана маалыматтарды электрондук системага киргизүү жана топтоо боюнча таблицалоого байланышкан бир катар тапшырмаларды аткарып жаткандыгын билдиришти.

ЭШБМ бардык 30 ОШКда жана 26 суб-ОШКда байкоо жүргүзүп, алардын дээрлик жарымында таблицалоонун баштапкы этаптарына терс баа берди. Бул негизинен процедуралык кемчиликтерден жана УШК протоколдорун кабыл алуу жана таблицалоо үчүн орундун жетишсиздиги жана начар уюштуруу сыяктуу канаатандыраарлык эмес шарттардан улам болуп, таблицалоо процессинин ачыктыгына терс таасирин тийгизди. ЭШБМ байкоочулары ОШКлардын көбүндө процесске чектөөсүз байкоо жүргүзө алгандарын; бирок байкоо жүргүзүлгөн ОШКлардын болжол менен жарымында алардын мүчөлөрүнүн баары эле таблицалоонун жол-жоболорун так түшүнө беришкен эмес экенин билдиришти. Бул Билдирүүнү жазуу учурунда таблицалоо дагы эле уланып жаткан.

Шайлоо күнү БШКга 67 билдирүү жана даттануу келип түшкөн. Алардын ичинен 28 үгүт эрежелеринин бузулушу, мисалы, жымжырттык мезгилинде үгүт жүргүзүү жана талапкерлердин өкүлдөрү талапкерлердин аты-жөнүн же сүрөттөрүн чагылдырган кийимдерди кийгени тууралуу болгон. Төртөө добуштарды эсептөө технологиясынын туура эмес иштешине байланыштуу болсо, 18 билдирүү добуштарды сатып алуу фактыларына байланыштуу болгон жана БШКнын маалыматы боюнча, булардын баары Ыкчам жооп кайтаруу механизми аркылуу андан ары текшерүү үчүн укук коргоо органдарына жөнөтүлгөн.

БШК алдын ала маалымат боюнча шайлоочулардын 34,31 пайызы шайлоого катышканын жарыялады жана шайлоо участкалары боюнча бөлүштүрүлгөн электрондук түрдө түзүлгөн алдын ала жыйынтыктарды добуш берүү аяктагандан кийин дароо өзүнүн сайтына жайгаштыра баштады, бул ачык-айкындуулукка салым кошту.

***Бул отчеттун англисче версиясы жалгыз расмий документ болуп саналат.***
***Расмий эмес котормосу кыргыз жана орус тилдеринде бар.***

[109] 56 АШКнын 30у 30 ОШКга дал келген. БШКнын маалыматы боюнча, калган 26 АШК шайлоо күнү өткөрүп берүүчү борборлор катары иш алып барып, андагы ОШК мүчөлөрү УШКлар тарабынан жеткирилген шайлоо материалдарын алып, андан соң жыйынтыктарды чыгаруу үчүн тиешелүү ОШКларга жеткириши керек болчу. УШКлар шайлоо материалдарын аралыкка жана логистикалык шарттарга жараша же ОШКларга түздөн-түз же ушул суб-ОШК борборлоруна жеткиришкен.

## МИССИЯ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Бишкек, 2025-жылдын 30-ноябры – Бул алдын ала жыйынтыктар жана корутундулар билдирүүсү ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары бюросу (ДИАУБ), ЕККУнун Парламенттик ассамблеясы (ЕККУ ПА) жана Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы (ЕКПА) катышкан биргелешкен аракеттердин натыйжасы болуп саналат. Баалоо шайлоо ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге жана демократиялык шайлоолорду өткөрүү боюнча башка эл аралык милдеттенмелер менен стандарттарга жана улуттук мыйзамдарга ылайык келгендигин аныктоо үчүн жасалган жана 2025-жылдын 14-ноябрында жарыяланган Убактылуу Отчет менен бирге окулушу керек .

Клод Хааген (Люксембург) ЕККУнун учурдагы төрагасы тарабынан ЕККУнун кыска мөөнөттүү байкоочуларын жетектөө үчүн атайын координатор болуп дайындалды. Моника Зайкова (Түндүк Македония) ЕККУнун Парламенттик ассамблеясынын делегациясын жетектеди. Георгиос Стаматис (Греция) Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын делегациясынын башчысы болуп иштеген. Миссиянын башчысы: Тамаш Месерич (Венгрия) 21-октябрдан тарта иштеп баштаган ДИАУБ ШБМди жетектеди.

Бул Эл аралык Шайлоого Байкоо Миссиясына (ЭШБМ) катышкан ар бир институт 2005-жылдагы Эл аралык шайлоолорго байкоо жүргүзүү принциптеринин Декларациясын жактырды. Бул алдын ала жыйынтыктар жана корутундулар билдирүүсү шайлоо процесси аяктаганга чейин берилет. Шайлоого акыркы баа берүү жарым-жартылай шайлоо процессинин калган этаптарынын, анын ичинде добуштарды саноону, чыгарууну жана жыйынтыктарды жарыялоону, ошондой эле шайлоо күнүнөн кийинки мүмкүн болгон даттанууларды же кайрылууларды кароодон көз каранды болот. ДИАУБ шайлоо процесси аяктагандан кийин болжол менен сегиз жумадан кийин потенциалдуу жакшыртуу боюнча сунуштарды камтыган толук жыйынтыктоочу отчетун чыгарат. ЕККУ ПА өз баяндамасын кийинки отурумунда берет. ЕКПА өз отчетун 2026-жылдын январь айындагы сессиясында сунуштайт.

ДИАУБ ШБМга борбор калаадагы 16 эксперт жана өлкө боюнча жайгаштырылган 30 узак мөөнөттүү байкоочулар кирет. Шайлоо күнү 45 өлкөдөн 365 байкоочу, анын ичинде ДИАУБ тарабынан жайгаштырылган узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү байкоочулар, ошондой эле ЕККУ ПА делегациясынын 72 мүчөсү жана ЕКПА делегациясынын 18 мүчөсү, жайгаштырылды. Республика боюнча 142 шайлоо участкаларынын ачылышына, ал эми 1199 шайлоо участкаларында добуш берүүгө байкоо жасалды. 118 шайлоо участкасында добуштарды саноо, ал эми таблицалоого 30 ОШКда байкоо жүргүзүлгөн.

Байкоочулар шайлоого байкоо жүргүзүүгө чакыргандыгы үчүн бийлик органдарына, ал эми КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясына жана Тышкы иштер министрлигине көмөк көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык билдиришет. Алар ошондой эле башка мамлекеттик институттарга, саясий партияларга жана жарандык коом уюмдарына жана эл аралык коомчулуктун өкүлдөрүнө кызматташтык үчүн ыраазычылык билдиришет.

Кошумча маалымат алуу үчүн төмөнкү дарекке кайрылыңыз:

Тамаш Месерич, ДИАУБ ШБМнын жетекчиси, Бишкек шаары +996 755 001 089;
Катя Андруш, ДИАУБ басма сөз катчысы (+48 609 522 266) же Елена Ковалёва, ДИАУБ шайлоо боюнча кеңешчиси, Варшава (+48 695 916 662);
Нат Парри, ЕККУ ПАнын Байланыш жана басма сөз бөлүмүнүн башчысы (+45 601 08 177);
Иви-Триин Одрац, ЕКПАнын шайлоо бөлүмүнүн башчысынын орун басары (+33 6 07 06 77 73).

**ДИАУБ ШБМ дареги:**
Туристан мейманканасы
Бөкөнбаев көчөсү 194
720017 Бишкек, Кыргызстан
Тел: +996 755 001 852
Электрондук почта: office@odihr.kg
Веб-сайт: Мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоо, 2025-жылдын 30-ноябры | ЕККУ